9 Айбек Темирбаев: Көк бөрү - эрендердин эр оюну



12 «Калмурат - кайталангыс обончу»



САРЕСЕП
saresep.kg
26-май, 2016-жыл
№20 (53)
Калыс көз караш!

# Оппозиция өз милдетин аткарбай жатабы?



4-бетте



Бачабаздарды бычкан туурабы же аскан туурабы?

5-бетте



Эл башчысын өзү шайлоого укугу жокпу?

6-бетте



Жалган дүйнө – жалган документ

7-бетте



# Бишкекте “Айыл-Агро-2016” көргөзмөсү башталды




“Айыл-Агро-2016” эл аралык көргөзмөсү бүгүн Бишкектеги эски аянтта ачылды. Үч күндүк иш-чарада быйыл 20 өлкөдөн 32 ишкана-заводдордун өкүлдөрү келген. Айыл-чарба жана мелиорация министрлиги билдиргендей, дүйнөгө белгилүү "Класс", "Лемкен", "Жон Дир", "Гримме", "Амазоне", “Россельмаш”, МТЗ, “Томсельмаш”, "Клевер" жана башка бренддердин шаймандары, минералдык жер семирткичтер, биотехнология, өсүмдүктөрдү химиялык жана биологиялык жактан коргоочу заттар, ветеринардык дарылар жана мал чарбасына керектүү каражаттар, ошондой эле айыл чарбасындагы жаңы технологиялардын үлгүлөрү көрсөтүлөт. Көргөзмөнүн жалпы аянты 7000 чарчы метрди түзөт.

# Сот “Кумтөр” компаниясынын өтүнүчүн четке какты




Бишкектин район аралык соту бүгүн “Кумтөр голд компани” ишканасынын экологияга келтирген зыяндары боюнча иштин кароону токтотуу өтүнүчүн четке какты.

23-майда сот Кумтөр кениндеги экологиялык эрежелердин сакталбаганы тууралуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын доосун канааттандырган.

Аталган инспекция “Кумтөр голд компани” ишканасы “кен казууда калдыктарды муздун үстүнө таштаган”, “жер катмарын бузган”, “эсепке алынбаган уу заттарды калдык сактоочу жайга төккөн” жана “суу үчүн акы төлөгөн эмес” деген төрт доо менен сотко кайрылган. Мындан айлана-чөйрөгө келтирген чыгым үчүн 7 миллиард сом талап кылган. Бул боюнча териштирүү 23-майда башталып, арыздардын бирөө канааттандырылган. Сот “Кумтөр оперейтинг компанини” 663 миң сом төлөп берүүгө милдеттендирген.

Калган үч иш боюнча жараян улануда. “Кумтөр” компаниясы коюлган доого макул эместигин билдирип келет.

# Талас Таваз менен кызматташат

24-май күнү Талас шаары менен Түркиянын Денизли шаарынын Таваз району бир туугандык жана кызматташтык келишимине кол коюшту. Эл аралык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу уюмдары биримдигинин башкы катчысы Мустафа Башкурттун берген маалыматына караганда, Кыргызстандан Талас шаарынын мэри Анарбек Кушубеков, шаардык кеңештин депутаттары жана ишкер адамдар болуп, жалпысы 12 киши барды. Мындан ары Талас шаары менен Таваз району өз ара экономикалык, соода-сатык жана маданий байланышта болууга убадалашты.




# Кыргызстан Бангладешке пахта экспорттой баштады

Бүгүн Бангладештин Читтагонг портуна Кыргызстандан пахтанын алгачкы партиясы барды. Бул тууралуу Бангладештин Кыргызстандагы консулдугунан билдиришти. Эми тараптар биргелешкен пахта ийирүүчү фабрика куруу жана Кыргызстандан жүндөн ийрилген жип ташуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө.

Бангладеш дүйнөдөгү эң ири пахта сатып алуучу мамлекеттердин бири. Бул багытта Кытайдан кийин эле экинчи орунда турат. Азыркы тапта Өзбекстандан пахта сатып алат. Бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандан бул өлкөгө пахта экспорттолгон эмес.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Кыргызстан ЖААКы

Акция дегенди көбүбүз биле бербейбиз. Экономикасы базардык нукка небак түшкөн өлкөлөрдө бул көнүмүш адат. Бирөө иштеп жаткан ишканасын ирилештирүү үчүн же жаңы ишканага каражат тартуу максатында акцияларды чыгарат. Акция – баалуу кагаз. Ал кызылдай акчага кетет. Бир жагынан караганда акция менен ишкананын же жеке афериндун салмагы өлчөнөт. Канча көбүрөөк сатылса, ишканаңа акча кызыл кандай кирип эле жандандырып агып калат. Акция сатып алган адамды же юридикалык жакты – акционер дейт. Акцияларды башкарып, таза киреше бөлүшүү максатында Акционердик коом түзүлөт. Алар Жабык же Ачык акционердик коом деп эки түрдүү болот.

Экономикалык жактан карасак, мамлекеттер да акционердик коомдор сыяктуу. Мисалы Түндүк Корея, Түркмөнстанга окшогон өзүнүн көлөкөсүнөн корккон элита башкарган мамлекеттерди жабык акционердик коом десек болот. АКШ, Батыш Европа жана Сингапур сыяктуу мамлекеттерди ачык акционердик коом десе болот. Себеби алар дайыма өнүгүп туруу үчүн жараны болобу, же жараны эмеспи, ким болбосун күчтүү жактарын пайдаланууга ачык. Акция катары каралган жарандыгын белгилүү бир шарттар менен баарына берүүгө даяр.

Биздин Кыргызстан болсо, өзгөчө түрдөгү акционердик коом. Жабык да эмес, ачык да эмес – Жарым ачык акционердик коом (ЖААК). ЖААК түрүндөгү ишкананын киреше берчү акциясына ээ болуу үчүн Чечкен адам менен жакшы болушуң керек. Ооба, чечен эмес Чечкен менен. Аны аныктап чыгып, коюн-колтук болуп кетүү өзүнчө чебердикти талап кылат. Бирок Чечкен адам Биринчи менен жакшы болуусу керек.

Биз киндиктеш Орусия ЖААКына окшошпуз. «Аргументы и факты» гезитинин эң күчтүү журналисти Вячеслав Костиков Жарандык коомду өнүктүрүү фондунун акыркы сурамжылоосу боюнча ой-жорум кылып, кызыктай фактыны бөлүшкөн. Көрсө, Орусиянын президенти Владимир Путинди ыктаган «Единая Россия» партиясы гана эмес, өлкөнүн Зюганов баштаган коммунисттери, Жириновскийдин либералдары да сурамжылоо боюнча жакында президенттик шайлоо болуп кетсе Путинди колдоору билинген. Ушундан улам, Костиков орусиялык оппозиция жасалма экени тууралуу жоромол кылган. Бир гана оппозиция эмес, сот, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлиги да толугу менен жасалмалуулук менен алек экенин айткан. Журналист экономикалык кыйынчылык маалында өлкөнүн ресурстарын башка жакка сатуудан башка чара таба албаган системаны толугу менен алмаштыруу керек деген ой айткан. Бул жерде Костиков системаны дегени кызык. Орусияны түңгүюкка багыттап бара жаткан бийлиги менен оппозициядагы «акционерлердин» ишин ачыкка чыгаруу керектиги тууралуу айткан эмес.

Биздин бийлик менен оппозициядагы дайыма киреше берип турган акциялардын ээлери да жасалмалуулуктан башка эч нерсе суна албай турган чагы. Булар мындай акцияларга кантип ээ болуп калышкан? Эмне үчүн карапайым элдин жарандыгы карыздан башка эч нерсе алып келбейт? Бул тууралуу гезитибиздин кийинки сандарында окуңуздар.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Сарeсеп гезити

**Нускасы: 6800**
**Буйрутма № 1213**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Казак төңкөрүшү Кыргыз экономикасына урулчу сокку

**Акыркы айларда коңшу Казакстанда ар түрдүү нааразычылыктар күч алып, тополоңдор жаралууда. Талдоочулар казак элинин узакка отурган бийлигине чыдамы түгөнүп, жакын арада коңшу өлкөдө төңкөрүш болуп кетеби деп чочулап турат. "Мындай кооптонууга негиз барбы? Деги эле Казак бийлигинин алмашуусу Кыргызстанга пайда алып келеби же зыянын тийгизип коёбу?" деген суроо менен** саясий талдоочу Искендер Ормонго **кайрылып, төмөндөгүдөй жооп алдык:**



– Казакстанда болуп аткан окуялар бизди дагы бир тууган, коңшу жана бул жолду эки жолу башынан өткөргөн өлкө катары тынчсыздандырат. Анткени хаос же төңкөрүш жолу арагасыздыктын, айласыздыктын жолу экенин, күткөн үмүттөр тескери орундарын тарыхыбыз тастыктап турат. Кайсы гана өлкө болбосун, кандай гана жыргалчылыкта жашабасын бир эле бийликтин түбөлүк отурушун каалабайт. Ошондуктан казак элинин көтөрүлүп чыгуусу нормалдуу көрүнүш. Көтөрүлүштүн негизги себебин жер кодексине байланыштырып жатышат. Бирок Назарбаев ал мыйзамдан баш тартып, мораторий жарыялады. Ошондо деле токтошкон жок. Анткени менен көтөрүлүп чыккан элдин лозунгунда экономикалык өнүгүү, же демокартиялык баалуулуктар сыяктуу глобалдуу себептер айтылбады. Ушундан улам, элдин бир аз наразычылыгын колдонгон, тышкы үчүнчү күчтөрдүн башы көрүнүп калды десек болот. Бирок ички негизги себептер бышып жетилбесе үчүнчү күчтөрдүн деле төңкөрүш жасаганга алы жетпейт. Жалпылай айтканда, Казакстан аймагы жагынан, экономикасы жагынан чоң өлкө. Эгер Казакстан бийлиги демократиялык жол менен эмес, төңкөрүш жолу менен алмашса, Кыргызстандын экономикасына, саясатына, чек ара маселелерине, деги эле күнүмдүк турмушуна терс таасирин тийгизет. Анткени эки өлкө мигранттар, транзиттик жолдор, импорттолгон товарлар, энергетикалык маселелерден улам бири-бирине байланып турат. Ошондуктан Казакстандагы туруктуулук жана коопсуздук биздин өлкөгө дагы керек. Ал эми өзгөрүүлөр демократиялык баалуулуктардын негизинде жүрсө, биздин экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүүбүзгө орток күч болуп бермек.

# Табийгаттын кырсыгы болду

**Ат-Башы районунун Биринчи май айылынын жашоочулары 18-майда өчкөн электр жарыгы дале бериле элек деп наразы болуушууда. Ушундан улам биз Нарын облусундагы** Чыгыш электр акционердик коомунун кардарларды сапаттуу тейлөө борборунун бөлүм башчысы Мукамбетов Рамиль Жолочуевичге **"алыскы аймактарды электр менен камсыздоо иштерин жакшыртуу үчүн кандай чараларды көрөсүздөр жана айыл тургундары электр кырсыгы болсо эң биринчи кимге кайрылышы керек?" деген суроо менен кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Ат-Башы районунун Биринчи май айылында катуу нөшөрлөгөн жаан менен чагылгандын кесепетинен жүздүк трансформатор иштен чыгып калган. Бул окуя 20-май күнү болгон. Азыр трансформаторду оңдоо иштери бүтүп калды. 25-май күнү кечинде ал ишке берилет. Бул табийгаттын кырсыгы болду. Чагылгандын кесепетинен трансформатордун ичиндеги зымдар иштен чыгып калган. Биз бул трансформаторду башка жерден кошууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан, кошо алган жокпуз. Эгерде башка жерлерде ушундай кырсыктар болуп калса, жакынкы трансформатордон кошконго аракет кылабыз. Аталган айылда 11 үй-бүлөнү камсыздаган трансформатор алысыраак тургандыгына байланыштуу, башка трансформатордон кошо алган жокпуз. Эгер дагы ушундай кырсык каттала турган болсо айыл тургундары ар бир трансформатордун сыртындагы диспетчер кызматынын номурун терип кайрылса болот. Экинчиден ишеним телефондор бар. Ал эми Нарын, Ысык-Көл облустары боюнча Караколдо жайгашкан 0 3920 4-08-76 ишеним номери бар. Ушул номурларга чалып кайрылышса да болот.

Эскерте кетсек, 18-майда катуу жааган жаандан улам Биринчи май айылынын бүтүндөй бир көчөсүн жарык менен камсыздаган трансформатордун зымдарына суу кирип, бузулуп калган. Аталган айылдын жашоочулары трансформаторду оңдоо аракети көрүлбөй жатканын, буга чейин да электр жарыгы өчкөн учурлар болуп, бирок эл наразылык билдирмейинче өз убагында калыбына келтирилбегенин айтып келишет.

# Тозокту бейиш кылып сүрөттөгөн кесипкөйлөрдүн таасири күч

**Диний көз караштарына байланыштуу чет өлкөгө чыгып кетип, согуш оту күйүп жаткан жерге барган жарандардын, анын ичинде үй-бүлөлөрү менен толук бойдон кетип жаткандардын көбөйүп жатышы кыргыз коомчулугун бейпайга салууда.**

**Тартип коргоо органдарынын акыркы маалыматына караганда, Сириядагы согушка катышып жаткан жарандардын саны 500дөн ашуун. Буга эмне себеп? Өз эл-жеринен безе качып, бөтөн жердеги согушка катышууга эмне түрткү болууда? деген суроолорго президенттин алдындагы** "Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков **жооп берди.**



– Азыр бизде руханий ачарчылык жүрүүдө. Ошол ачкачылыкты толтуруу үчүн кимдир бирөө "Бактылуу болуунун жолу ушул" деп айтса эле ошого берилип кетип жатышат. Андан тышкары, "Динди окутпаган өкмөтүңө каршы болом" деп деле ушундай азгырыктарга барышат деген маалыматтар бар. Адам ачка болсо ашказанды толтуруу үчүн көгөргөн нанды деле жейт, бирок ал ден-соолугуна зыянын тийгизет. Бул азыркы руханий ачкачылыктан пайдаланып, өз идеясына оңой буруу аракетине жакшы мисал. Демек, зыяны тийип жатат. Андан тышкары, коррупциянын күчөп өсүшү, алдым-жуттумдук, зордук-зомбулук, аткаминерлердин пара алуусу да экстремисттиктин түздөн-түз жардамчысы болууда. Ошон үчүн бизде илим, билим, маданият, жоопкерчилик идеологиясына катуу көңүл бурушубуз керек. Кыргызда "Эмнени эксең, ошону аласың" деген жакшы сөз бар. Кеткендердин арасында 18-25 жаштагылар да абдан көп. Алардын көбү "Супермен", "Бэтмэн" деген мультфильмдерди көрүп алып, ошол каармандардай автомат кармап, эрдик көрсөтөт экенбиз деген сезимде болушат.

Эң башкысы Ислам мамлекети тобун даңазалоо үчүн кеминде 10 миңден ашык кесипкөй адам 15-20дан ашык тилде пиар ишин жүргүзүп жатат. Азыр өз өлкөсүнөн чыкпай туруп эле тозокту бейиш кылып көрсөтүп, элге жайылткандардын таасири күч. Өзүбүз да көп айта берип жайылтып жибердик. Кыргыздын "Жаманды айтпай жой, жакшыны айтып жай" деген сөзүнө көңүл бурушубуз зарыл.

# Менин так маалыматым жок

**Бажы кызматы Кытайдан да, Европадан да келген жүктөрдү мажбурлоо менен белгилүү гана убактылуу кармоочу жайларга түшүртүп жатканын ишкерлер айтып чыгышты. Көпчүлүк товар Дордой базарындагы «Бишкектрансервиске» (БТС) түшүрүлгөндүктөн, ал жерде орун жетишсиз болуп, ишкерлер товарларын унаалларда сактоого мажбур болуп, ашыкча чыгымга учурап жатканы маалымдалды. Ушундан улам «белгилүү кармоочу жайларга түшүрүүнүн себеби жана товар агымы жайлап, жүк ташуучу унаалардын туруп калышы экономикага терс таасирин тийгизбейби?» деген суроо менен** Мамлекеттик Бажы кызматынын басма сөз кызмат башчысы Жаманак Мусурканового **кайрылдык**

– «Бишкектрансервисте» жайгаштырылганынын эң эле биринчи себеби, РСК банкынын көчмө банк системасы ошол жакка орнотулган. Экинчиден «Дордой» базарына жакын болуп, ишкерлер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Анткени алар товарын ошол жерде эле тариздеп, базарга алып кирет. Бул жерде негизги факторлордун бири болуп, коррупция менен күрөшүү, көзөмөлдү күчөтүү жана жеңилдетүү дагы максат кылынган. Ал жерде видео көзөмөлдүн жана текшерүүлөрдүн негизинде товарлар тариздelet.

Ал эми жүктөрдүн батпай калышы боюнча так маалыматым жок. Андай болушу мүмкүн эмес. Анткени «Бишкектрансервисте» бажы кызматкерлери тариздөөлөрдү жүргүзөт жана сактоо кампалары болуусу шарт. Айрым көйгөйлөр болушу мүмкүн. Бирок глобалдуу эмес.

Андан сырткары, жүктөрдүн белгилүү кампада турушу экономикага терс таасирин берет деп айта албайм. Анткени бүгүнкү күндө Бишкекте 3 тариздөө жайы иштеп жатат. Ошол жайлардын каалаганына жүк киргизүүгө болот. Азыр ар ким эле тариздөө жайларын ачкысы келет. 2015-жылдын 12-августунда Кыргызстан менен Казакстандын чек арасынын ортосунда бажы көзөмөлү алынып, андагы кызматкерлерди ЕАЭБдин тышкы чек арасын кайтарууну күчөтүү үчүн өлкөнүн түштүк аймактарына жибергенбиз. Бишкектеги кызматкерлердин саны бардык убактылуу сактоочу кампаларды кароого мүмкүнчүлүгү жок. Ошондой эле бажы салыгын төлөө үчүн банк системасы болуш керек. Ушул себептерден улам башка жайларды ачууга мүмкүнчүлүгүбүз жок болуп жатат, – дейт ал.

# Оппозиция өз милдетин аткарбай жатабы?

Расмий түрдө парламентте 2 оппозициялык фракция бар. "Республика–Ата-Журт" (РАЖ) жана "Бир бол". РАЖда 28, Бир болдо 12, жалпысы парламенттик оппозиция 40 мандатка ээ. Алтынчы чакырылыштагы ЖКнын иштеп жатканына жыл жыйынтыкталып калды. Бирок бийликке альтернативабыз деген фракциялардын бирөөсү да өлкөнү өнүктүрүү, учурда туш болуп жаткан экономикалык маселелерден чыгуу боюнча өкмөткө программасын сунуштаган жок. Ал турсун, шайлоолордо өз талапкерлерин чыгарбай турат. Бул көрүнүштөрдү көрүп турган коомчулук оппозиция өз милдетин аткара албай, көчө оппозициясы күчтөнгөнүн айтышууда.

Өткөн айда спикер шайлоо парламенттин тарыхында алгач ирет атаандаштыктын негизинде өттү дешти. Биринчи айлампада коалициялык көпчүлүк бир эле талапкер эмес, экөөнү чыгарды. Бирок эки талапкердин таймашуусуна мүмкүнчүлүк дароо эле бериле калган жок. Коалициядагы "Кыргызстан" фракциясы лидери Канат Исаевди көрсөтсө, "Өнүгүү–Прогресс" Бакыт Төрөбаевди сунуштады. Анткени менен экөөнүн жыйынтыгы тең чыгып, кайра шайлоодо КСДПдан Чыныбай Турсунбеков, "Өнүгүү–Прогресстен" Исхак Масалиев ат салышты. Кызыгы, амбициясы жогору РАЖ дагы, жалаң профессионалдардан куралган "Бир–бол" дагы бул ирет өз адамын көрсөтпөй, тескерисинче, РАЖ Ч.Турсунбековду колдоорун биринчилерден болуп билдирди. Реалист болгон албетте, жакшы. Ошентсе да өкмөттү, парламентти башкарууга акыл–эси, жөндөмү жете тургандай талапкерлерине аталган фракциялар эмнеге мүмкүнчүлүк бербегени суроо бойдон калды. Жогорку Кеңеш төрагалыгы го макул дейличи. Бирок учурда жергиликтүү кеңештер шаар башчыларын да шайлап жатат. Эмнегедир, мында да коалицияга кирбей калган фракциялардын дымы чыкпагандай. Эмнеге? Шаар башкарууга жарай турган кадрлары жокпу? Өздөрү талапкер чыгарууга даабай отуруп алып, кайра: "Бийлик бир партиянын колуна топтолууда", – деген сөздөрдү чыгарып жатышкан жокпу?

Социал–демократтардан депутат Жанар Акаев альтернативдүү шайлоонун болушун кубаттайт. "Бул демократиянын негизги талаптарынын бири", – деген эл өкүлү, кайсыл деңгээлде тандоо болбосун саясий атаандаштык, программалардын күрөшү болушу керек деп эсептейт.

– Бишкек мэрин шайлоодо бир эле кандидат – Албек Ибраимов болду. Ага атаандаш катары эч ким чыкпай, өзүн шайлаганга туура келди. Негизи атаандаштык болушу зарыл. Анын ордуна жалгыз киши чыга турган болсо, шайлоочулар башка жол жок деп ага добуш берсе, шайланып жаткан киши өзүнө катуу ишенип алат. Эгерде бирөө ат салышып чыкса, программалардын күрөшү болуп, шаарды, аймакты, өзү жетектейм деген тармакты кантип өнүктүрө турганын эл да билип, кийин сурай турган да болот, – дейт Ж.Акаев.



Чынында, оппозициянын минтип чоркок болуп калышы шайлоолордо эле байкалган жок. Мамлекет экономикалык кыйынчылыкта турат. ЕАЭСке кошулуу менен жыргап кеткен жокпуз. Дыйкан–фермерлер эккен эгиндин, өндүргөн сүтүн, этин, атамекендик өндүрүшчүлөр продукцияларын Казакстанга да киргизе албай калышты. Тескерисинче, кыргыз базарын казак, орус, беларус товарлары басып кетти. Социалдык төлөмдөр, жарыкка болгон бааны көтөрүү демилгеси да элди кубандырган жок. Укук боюнча адис Бекболсун Бөрүбашев социалдык–экономикалык маселелер жаралганда да парламенттеги оппозиция үн катпай жатышын – алардын милдетин аткара албай жатканы дейт.

– Оппозиция бийликтин платформасын сындап, ага альтернативдүү сунуштарды киргизүүсү керек эле. Тилекке каршы, аларда өзүнүн көз карашы жок болуп жатат, – деген талдоочу кептин төркүнү Конституцияда экенин белгилейт.

Баш мыйзамдын 70–беренесинде парламентке келген фракциялар коалиция түзөт. Биримдикке кирбей калган фракция же фракциялар оппозицияда калат деп жазылган. Мына ушул "коалицияга кирбей калганы", – дегенде маселе бар экенин укукчулар айтышууда.

"Коомду, өлкөнү өнүктүрүү боюнча программасы болбосо, көз караштары коалициядагы фракциялар менен карама–каршы келбесе анан кантип оппозиция болот эле? Кептин баардыгы биздин баш мыйзамда, саясий партиялар жөнүндө мыйзамдын жетишсиздиги жана шайлоо системасындагы өксүктөрдө. Мыйзамдагы кемчиликтер парламенттин ичинде оппозициянын болбошуна шарт түзүп койду. Ушундан улам системалуу эмес оппозиция же көчө оппозициясы күчтүү болуп жатат", – дейт Бөрүбашев.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

# ЭКОНОМИКС

Жай жана кылдат айдоонун пайдалары азаят. Жол шарттарынын жакшырууcу адамга кандай таасир берсе, коопсуздук курларын тагынуу да ошондой таасир кылат. Адамдар катуурак айдап, кылдаттыгы төмөндөйт. Ошентип жол кырсыктарынын көбөйүүсү, коопсуздук курун тагынуу мыйзамынын дагы бир натыйжасы болуп чыга келет

*(уландысы)*

### 4-принцип. Адам стимулга жараша өзгөрөт

**Саясатчы абайла!**

Адам чыгым жана пайданы салыштырып чечим чыгаргандыктан, чыгым менен пайда өзгөргөндө адамдын жүрүм–туруму да өзгөрүүсү мүмкүн. Башкача айтканда, адамдар түрткү берүүчү нерселерге жараша өзгөрөт. Алманын баасы жогорулап кетсе, эл алмурутту көбүрөөк алып, алманы азыраак жей башташы мүмкүн. Себеби алманын чыгымы жогорураак болуп калат. Бакчалардын ээлери болсо көбүрөөк адам жалдап, алмуруттун бирин калтырбай терип алалы деген чечимге келишет, анткени аны сатуудан түшкөн пайда арта баштайт. Биз кийинчерээк кандайдыр бир өндүрүмдүн баасынын жогорулоосу базардагы сатуучу менен алуучуга кандай таасир берерин жана экономика кантип иштээрин баамдоо үчүн баанын канчалык маанилүү экенин көрөбүз.

Мамлекеттик ишмер болом дегендер стимулдарды эч качан эсинен чыгарбоосу керек. Себеби саясий чечимдердин көбү элге же чыгым, же пайда алып келет. Демек, алардын жүрүм–турумун өзгөртөт. Бензин салыгынын өсүүсү элди унааны аз колдонууга же үнөмдүү машинага өтүүгө түрткү берет. Мындан сырткары, элге жеке эмес коомдук транспортту көбүрөөк колдонууга, жумушуна жакын үй караштырууга түрткү берет. Бензиндин салыгын жогорулатуу аркылуу адамдарды электромобиль сатып алууга да багыттаса болот.

### Бизди өзгөрткөн коопсуздук куру

Мамлекеттик ишкерлер кабыл алган чечимдер элдин жүрүм–турумуна тийгизчү таасирин туура баамдай албай калса, күткөн натыйжасынын тетирисине кабылуусу мүмкүн. Унаанын коопсуздук куру тууралуу мыйзамын мисалга алалы. Тиешелүү мыйзамдар талап кылгандыктан, учурда дүйнөдө сатылган бардык автомобилдер коопсуздук куру менен чыгат. Айрыкча, артөы отургучта отургандардын да аны колдонуусу 30 пайыздан баштап, Швециядагыдай 90%га чейин жетет.

Коопсуздук курун тагууну талап кылган мыйзам айдоочу менен жүргүнчүнүн жүрүм–турумуна кандай таасир берди? Түз натыйжасын алсак, адам унаанын коопсуздук курун колдонсо жол кырсыктардын көбүндө анын өмүрү менен ден–соолугун сактап калуу мүмкүндүгү артат. Бирок натыйжалар муну менен эле чектелбейт. Бул мыйзамдык чечимди толугу менен баамдоо үчүн биз адамдар стимулга жараша жүрүм–турумун өзгөртөрүн эстен чыгарбашыбыз керек. Мында айдоочулар унаасын кандай ылдамдыкта жана кандай кылдаттыкта айдап каларын да эске алуу зарыл. Жай жана кылдат айдоо көбүрөөк убакыт менен сабырдуулукту талап кылгандыктан чыгымы жогору болот. Сарасеп адам жай айдоонун маржиналдык пайдалары менен маржиналдык чыгымдарын салыштырып көрөт. Ал мындай пайда табуу мүмкүндүгү жогорулаган кезде, мисалы, жаан жаап же тайгалак болгон учурларда жайыраак жана кылдатыраак айдайт.

### Адам өлтүргөн курлар

Коопсуздук куру тууралуу мыйзам сарасеп айдоочунун пайда жана чыгымды баалоосуна кандай таасир бергенин кылдат карап чыгалы. Албетте коопсуздук курлары аварияның чыгымын азайтат, себеби оор жаракат алуу жана мерт кетүү коркунучу төмөндөйт. Тагырак айтканда, жай жана кылдат айдоонун пайдалары азаят. Жол шарттарынын жакшыруусу адамга кандай таасир берсе, коопсуздук курларын тагынуу да ошондой таасир кылат. Адамдар катуурак айдап, кылдаттуулугу төмөндөйт. Ошентип жол кырсыктарынын көбөйүүсү, коопсуздук курун тагынуу мыйзамынын дагы бир натыйжасы болуп чыга келет. Айдоо кылдаттыгынын төмөндөөсү көбүрөөк сүзүлө баштаган жөө адамдардын абалына түздөн–түз таасир берет. Айдоочулардан айырмаланып алар коопсуздук курунан эч кандай пайда таппай, зыян гана тартышат.

Коопсуздук курларынын мынчалык талкуулоо чындыктан алыс нерсе катары көрүнүшү мүмкүн. Бирок 1981–жылы Англиянын транспорт министрлиги уюштурган Европанын сегиз мамлекетинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр коопсуздук куру тууралуу мыйзамдын жогоруда айтылган натыйжаларга алып келгендиги айкын болгон. АКШда 1975–жылы америкалык экономист Сэм Пелсман жүргүзгөн изилдөөлөр да жогорудагыга окшош натыйжа берген. Изилдөөлөрдө жол кырсыктары айдоочу менен жүргүнчүнүн өлүмү менен коштолуусун азайтканы менен ошол эле убакта авариялардын жалпы санынын арткандыгын көргөзгөн. Натыйжаларды салыштырып келгенде унаадагы адамдардын өлүмү азайган, бирок жөө жүргүнчүлөрдүн өлүмү арткан.

### Көмүскөнү көрө бил

Коопсуздук куру боюнча маселе адамдардын стимулдарга жараша өзгөрүүсүнүн бир эле мисалы. Экономисттер изилдеген стимулдардын көбү коопсуздук тууралуу мыйзамга караганда бир топ жөнөкөй. Мисалы, бензин салыгы жогору коюлган Европада элдин көбү кичине унаалар менен жүрөрү, ал эми төмөн коюлган Америкада болсо чоң машиналарга басым жасалары эч кимди таң калтырбайт. Бирок коопсуздук куру маселеси көргөзгөндөй, кээ бир саясий чечимдер дароо көзгө көрүнбөгөн натыйжаларга алып келүүсү мүмкүн. Кабыл алынчу ар бир чечимди талдап жатканда түз гана эмес, адамдардын жүрүм–турумуна тийгизчү кыйыр таасирлерин да кылдат карап чыгуу зарыл. Эгер болжолдонгон саясат учурдун түрткү берүү системасын өзгөртсө, адамдардын жүрүм–туруму да башкача болорун эстен чыгарбоо керек.

*(уландысы бар)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Бачабаздарды бычкан туурабы же аскан туурабы?

Өткөн жылы өзгө эмес, өз туугандары тарабынан зордолуп, кордолгон үч жашар наристе бүгүн бактылуу балалыктын даамын тата албай келет. Анткени анын абалы алиге секирип ойногонго жол бербейт. Дарыгерлер Ибрагимди майыптардын катарын толуктап калабы деп коркушат



Кыргызстанда балага сексуалдык зомбулук көрсөткөн бачабаздарды өлүм жазасына тартуу демилгесин колдогондор күн санап өсүүдө. "Бачабаз өлүм жазасына тартылсын" деген чакырыкка расмий кол койгондордун саны 10 миңден ашкан. Жарандык активистер топтолгон кол тамгаларын өткөн шайлоодон бери ушул ураанды бетине кармап келген "Өнүгүү-прогресс" партиясына тапшырды.

## Кыргыздын башка иши калбай калды беле?

Ички иштер министрлигинин берген маалыматына ылайык, 2015-жылы балдардын жыныстык кол тийбестигине байланыштуу 1073 арыз келип түшкөн. Анын ичинен 1010 дооматка кылмыш иши козголгон. 2010-жылдан баштап, мындай кылмыштуулуктун саны 2 эсеге өскөн. Бул статистикалык гана көрсөткүчтөр. Ал эми демилгечилердин бири **депутат Тазабек Икрамов** ачыкка чыкпай жатып, унутулуп кеткен дагы канча иш былгып жатканын айтат. Ал көрсөткүчтөр бир канча пайызга жогору болушун божомолдойт.



– Адамдын жүрөгүнүн үшүн алган ушул өңдүү окуялар акырындык менен күндөн-күнгө өсүп отуруп, кадимки эле адатка айланып бараткансыйт. Эң негизгиси жаштар биздин келечегибиз. Ар бирибизде бала-чака бар. Ар бир ата-эне баласы үчүн кооптонбогондой жашоодо жашашы керек да. Зөөкүрлөрдүн зомбулугуна кабылган ата-энелердин, өзгөчө эненин абалын элестетип, сөзсүз өлүм жазасын киргизишибиз керек. 2010-2015 жылдардагы статистиканы карасак кылмыштуулук 74 пайызга өсүптүр. Бул эмне деген шумдук? Кыргыздын башка кыларга иши калбай калдыбы, же кандай, түшүнбөйм.

## Бачабаздарды бычкан туурабы же аскан туурабы?

Кыргызстан 2006-жылы Бириккен улуттар уюмунун адам укуктарын коргоо келишимине ылайык өлүм жазасынан баш тартып, баш мыйзамды бекиткен. Ал эми баш мыйзамды 2020-жылга чейин өзгөртүүгө болбойт. Ушундан улам, 2013-жылы айрым депутаттар бачабаздарга химиялык бычуу сунушун киргизишкен. **Экс депутат Турсунбай Бакир уулу** бачабаздарды дал ушул ыкма менен жазалоо туура болот деген ойдо. Анын айтымында өлүм жазасын колдонуу Кыргызстанда таптакыр мүмкүн эмес. Ал эми долбоорду демилгелеп жаткан партия жөн гана шайлоо алдында берген убадаларын аткарууга далалат кылып жатат.



– Бачабаздарды химиялык бычуу сунушу президентке чейин жеткен. Бирок президент кайтарма пикир менен кайра артка жиберип койгон. Экинчи ирет добушка салынганда 70 эле депутат колдоп, калган 25 депутат каршы туруп, өтпөй калган. Мен эгер балаңар зомбулукка кабылса, президент менен ошол 25 депутаттан көргүлө деп айткам. Ал эми өлүм жазасын көтөрүп чыккан "Өнүгүү-прогресс" учурдан пайдаланып, шайлоо алдында айткан ураанын аткарууга далбас уруп жатат. Анткени коомдук пикир ушул жакка ооп турганын алар убагында көргөн. Көтөрүп чыккан мыны менен ишке ашыруу жолун айткан жок. Анткени бул ишке аша турган нерсе эмес. Кыргызстан өлүм жазасын киргизе турган болсо, бир канча эл аралык келишимдерден баш тартууга мажбур. Азыр эң эле туура жолу 2020-жылга чейин химиялык бычуу жолун киргизип, андан кийин өлүм жазасына жол бериш керек

Турсунбай Бакир уулу укканда жүрөктүн үшүн алып, ззэнди кейиткен ар кандай кылмыштар жылдан-жылга кулач жайып баратканын улуттук идеологиянын жоктугуна байланыштырат.

– Совет доорунда дин жок болсо дагы, мамлекеттик идеология бар эле. Ага ылайык, калк жогорку моралда жашаганга милдеттүү болчу. Моралга баш ийбесе жазаланып, камалып, атылчу дагы. Бирок өлкөбүз көз карандысыздыкка ээ болгондон тартып, биз бир дагы идеологияны тандап алган жокпуз. Азыр идеологиясы жок жападан-жалгыз мамлекет бул Кыргызстан. Ал жок болсо, адамдын башы вакуумдай болуп эмнеге ишенерин билбей, же ыймандан жок, же улуттук баалуулуктан жок ара жолдо калат. Ошондуктан бүгүн биз бир гана ислам идеологиясын тандап, анын негиздери менен жашашыбыз керек. Дагы бир себеп мектептерде ыйман сабагынын жоктугу. Ыйманы жаштайынан жок адам ушундай иштерге бараары шексиз.

## АКШ бизге эмне кылышты үйрөтпөй эле койсун

Кылмышкерлерди камсыздаганга бюджеттен орто эсеп менен ар бирине 90-100 сом бөлүнүп турат. Ал эми жашы жете элек балдарга сексуалдык зомбулук көрсөткөн кылмышкерлер 25 жылдан өмүрү өткөнгө чейин эркинен ажыратылат. Депутат Тазабек Икрамов коомго пайдасы эмес, зыяны тийип жаткан адамдарды мамлекет багып жатканына таң.

– Буларды түрмөдө бакканга эле канча деген акча кетет. Андан сырткары, химиялык бычуунун өзү эле канча сом турат. Бычылган немелер эртең эркиндикке чыккандан кийин ызасына чыдабай дагы бир жаш баланы зордуктабаса дагы, ар кандай жолдор менен кыйнап, өлтүрүп коюшу мүмкүн. Андан көрө бардыгы такталганга чейин өмүр бою эркинен ажыратып туруп, анан өлүм жазасына тартыш керек деген ойдомун. Өлүм жазасы демократиянын туу чокусунда отурган АКШнын бир топ штаттарында бар экен. Каршы чыгып аткан батышчыл укук коргоочуларга айтат элем. Алар эмнеге өздөрү жасаган ишти биз жасасак, эл аралык келишимди бузасыңар деп чырылдайт. АКШда өлүм жазасы жок болсо мейли эле. Өздөрүндө бар болуп туруп, биздин эмне кыларыбызды үйрөтпөй эле койсун.

## 30 жылдык иш тажрыйбамда бир дагы бачабазды кезиктирбедим

Көпчүлүк учурда бачабаздар өзүнүн бачабаз экенин моюнга алгысы келбей, анан калса, билбей да калышат. Анткени, мындай психикалык жабыркоонун түрү оорулууга эч кандай ыңгайсыздык алып келбейт. Кылмыш үстүнөн кармалып, абакта тагдырына балта чабылганы эле болбосо, толук кандуу жашоосуна кедергисин деле тийгизбейт. Ошондуктан бачабаздыкка кабылган адам дарылоо курсун өтүү үчүн тиешелүү мекемелерге кайрылбайт.

Бишкектеги Республикалык психикалык ден-соолук борборунда ар кандай психикалык жактан жабыркагандар дарыланышат. Бирок бачабаз өңдөнгөн жыныстык багыты башкача адамдарды (оорулууларды) кездештирүү дээрлик мүмкүн эмес. Аталган мекеменин **дарыгер-психиатры Павлова Наталья Викторовна** 30 жылдык иш тажрыйбасында бир дагы бачабаз жардам сурап кайрылбаганын айтат. Дарыгер балдарга сексуалдык зомбулук көрсөткөндөрдү бачабаз дебей эле, кадимки эле жасаганын мойну менен тартып жаткан кылмышкерлер деп атасак туура болот дейт.

– Балдарды зордуктап, түрмөгө түшкөн кылмышкерлердин баарын эле бачабаздар деп атоого болбойт. Анткени алар эч качан өзүнүн көйгөйүн айтып, бизге кайрылган эмес. Кайрылбаган соң аларды эч ким бачабаздар деп тапкан да эмес. Кылмыш жаза кодексинде бачабаздык үчүн эмес, балдарга болгон сексуалдык зомбулук үчүн жоопкерчилик каралган. Бачабаздык бул башка бир психикалык оорулардын симптому болушу мүмкүн. Башкача айтканда, мындай жагдайга кабылган адамды акылынан адашкан деп атоого болбойт. Анткени алар акыл-эси толук туруп эле жанагындай кылмыштарга барып атат. Эгер ошол адамда балдарга болгон сексуалдык каалоосу күндөн-күнгө өрчүй берсе, аны биринчи кезекте өзү моюнга алып дарыгерге кайрылышы керек. Ошондо гана ал адам менен психотерапевт иштешип жыйынтык чыгарса болот.

## Жыныстык багыты башкачалар

Адистер адам өзүн бачабаз экенин биринчи кезекте өзү моюнга алыш керек дешет. Анткени аны эч ким зорлоп психикалык, медициналык текшертүүдөн өткөрө албайт. Сексуалдык багыты башкача адамдарды изилдеп келген адис, **психотерапевт Курманалиев Музухрат** мырза бачабаздык көрүнгөн айсбергдин чети кана экенин айтып, анын башка оор түрлөрүн дагы санактап берди.

– Бачабаздык (педофилия) бул адамдын балдарга болгон сексуалдык каалоосу. Мындай сексуалдык багыттардын дагы көп түрлөрү бар. Мисалы зоофилия – айбанаттарга, геронтофилия – карыларга, некрофилия – маркумдарга болгон сексуалдык каалоо. Бирок негедир бизде педофилия күч алган. Мындай жүйөө менен камалган кылмышкерлер эртең абактан чыгып алып, кайрадан кылмышка барбайт деп эч ким кепилдик бере албайт. Ошондуктан, аны өзүнүн каалоосу менен соттук психикалык экспертизадан өткөрүп, алдыналуу иштери жүргүзүлүшү керек.

Анткени менен жашоо чындыгы биздин өлкөдө соттордун акыйкатсыз чечиминен жабыр тарткандар аз эмес экенин көрсөтүүдө. Ушундан улам, мыйзам катаалдашып, өлүм жазасы, же химиялык бычуу ишке ашып калса, ак жеринен күйгөн бейкүнөө адамдар караланып, же таанышы жок, же байлыгы жоктор эч себепсиз атылып кетеби деген да кооптонулар бар.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Эл башчысын өзү шайлоого укугу жокпу?

## Учурунда айыл өкмөттөрү, шаар башчылары кайдан-жайдан келип эле такка отуруп калар эле. Эми буюрса, бул көрүнүштүн изи сууйт көрүнөт



Сүрөт ▸ sputnik.kg

### Кызмат орундары сатылып келген

Жакын арада жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу мыйзамдары күчүнө киргени турат. Айтылуу мыйзам долбооруна өлкө башчыбыз кол койду. Ага ылайык мурун айыл жана шаар башчыларын депутаттар, өкмөт жана президент шайласа, азыр бул укук элге өткөрүлүп берилгени турат.

**«Ата Мекен» фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев** айтылуу мыйзам так үчүн соодалашууну жокко чыгарат дейт:

– Мыйзамдын негизинде эл айыл өкмөт жана шаар башчыларын



жергиликтүү кеңеш аркылуу шайлайт. Айыл өкмөтүн аким бир, депутаттар каалаган санда талапкер көрсөтүп, эл добуш берген адам айыл өкмөтү болот. Ал эми шаар башчыларына болсо премьер-министр бир, депутаттар дагы өздөрүнүн каалашынча талапкерлерин сунат. Мурда мэрди өкмөт же президент шайласа, азыр эл шайлайт. Өкмөт боюнча мыйзам кабыл алынгандан кийин, премьер-министр эч кимден көз карандысыз күчтүү саясий фигура болуп калат. Мыйзамдар күчүнө киргенден кийин жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация кабинетте отуруп, соодалашып бийлик бөлүшпөйт. Анткени жергиликтүү депутаттар жана эл чечет, – деп айтты.

Бул мыйзам кабыл алынып, өз күчүнө кирсе көпчүлүктү кубантаары маалым. Айыл жана шаар жергесинин тургундары эми өздөрүн ким башкараарын өздөрү чечет. Болбосо буга чейин кайдан келди, ким жиберди же болбосо ким шайлады деген суроолор жоопсуз калып, айыл өкмөтү, шаар мэри деген кызматтар сатылып келген.

### Депутатты алдасаң да элди алдай албайсың

**Фрунзе айыл өкмөтүнүн жаштар комитетинин төрагасы Марат Карбосов** мырза жыйырмадай депутат менен сүйлөшүп коюу оңой, ал эми он миңдеген эл менен сүйлөшүү кыйын дейт:

– "Эл шайласын" деген сөз көптөн бери келе жаткан жеке менин, же болбосо жаштар комитетинин эле эмес, жалпы кыргыз элинин жүрөгүн ооруткан маселеси эле. Себеп дегенде ар бир айыл өкмөтүн, шаар башчысын жергиликтүү калк өздөрү тандап алганы бул туура. Ар бир айылдын жана шаардын тургуну өзүнүн келечектеги башчысын өзү тандап, шайлоонун негизинде тандап алса, Конституцияга да ылайык келет. Себеби, конституциянын экинчи беренесинде жергиликтүү бийлик башчыларын жана ошондой эле борбор башчыларын эл түздөн-түз шайлоого катышуу менен тандап алат деп жазылуу. Биздин оюбуз эл шайлаган атка минерлеге жетип, өзүбүздүн укугубузду колдонуп алууга мүмкүнчүлүк берилсе дегенбиз. Себеби мурун 21-31 депутат шайлап келишкен. Менин оюмча эл шайласа коррупциялык жолдор жоюлат. Мисалы, депутаттар шайлай турган болсо, чынын айтканда, аларды сатып алып, же сүйлөшүп коюу оңой. Ал эми 10-15 миң шайлоочулар менен сүйлөшүү, алардын укугун коргоо ар бир талапкердин милдети болсо керек деп ойлойм. Ар бир талапкер элге келип, көчөлөрдү кыдырып, өзүнүн программасы менен тааныштырып, алдыга жылса жоопкерчилик жогору болот. Мына ошондуктан бул мыйзам кабыл алынса жакшы болот, – дейт комитет төрагасы.

Жаңы мыйзам ишке киришсе 20-августка чейин Борбордук шайлоо комитети 30 күндүн ичинде 200гө жакын айыл өкмөтүндө жана 15 шаарда шайлоо күнүн дайындап, өткөрүп бүтүшү зарыл. Президент жана өкмөт бул процесстен чыккандыктан эми БШКнын жер-жерлердеги өкүлдөрү шайлоо өткөрүп, аяктаганда айыл өкмөттөрүнө жана шаар башчыларына мандаттарын берип, тагына отургузат.

### Алар эч нерсе деле кылбайт

Бишкек шаарынын конуштарында көчө комитети болуп иштеген Жаныбек мырза мыйзам күчүнө киреби же жокпу ишене албайм дейт:

– Мен көп жылдан бери эл менен иштеп келем. Менин башымда да башчыларым бар. Убагында алардын кызмат мөөнөтү бүткөндөн кийин белгисиз эле жаңы башкармалык келип ордун ээлеп калар эле. Конушту билбеген, ал жерде өмүрү жашабаган адам келип бизди башкарып калат. Эң кызыгы – алардын жумушу деле аз. Баарын бизге окшогон комитеттер бүтүрөт. Алар жумушка каалаган убагында келишет, эки-үч саат түшкү тамактанууга чыгып кетишет. Аларды издеп, көйгөйүн айта албай жүргөндөр баягы эле карапайым калк. Бул жерде жок дегенде эл аларды ким башкарарын өзү чечсе жакшы болмок. Ошондо шайланган айыл башчылары чындап иштемек. Бирок бул канча жылдан бери айтылып келе жаткан маселе бийлик кулагына жетеби, же жокпу мен үчүн белгисиз. Кызмат ордуна жетүү үчүн коррупциялык жолдорго барышары баарыбызга эле маалым. Депутаттардын бул ишке түз-түздөн тиешеси бар болгондуктан, алар мыйзамды кабыл албай деле коюшу мүмкүн, – деди.

### Эл сот, прокурорлорду да шайласын

Ушундан улам чет өлкөлөрдө жергиликтүү башкармалыктар кандай иш жүргүзөт жана аларды ким шайлайт деген маселени да карап көрсөк. Көпчүлүк элдерде жергиликтүү башкармалык деген термин ар башка маанide колдонулат экен. Алсак, АКШ жана Улуу Британияда "муниципалдык башкармалык" деп айтылса, жапондордо "жергиликтүү автономия" деп, Францияда "территориалдык эркиндик" деп аташат.

Дүйнөлүк практикада жергиликтүү башкармалыктын эки модели бар. Англосаксондук жана континенталдык. Биринчи модел ылдыйдан жогору карай иштейт. Бул болсо жергиликтүү башкармалыктар белгиленген аймактарында өз алдынча иштеп, жогорку жактагыларга баш ийбейт дегендик. Башкармалыктарды жогорку сот гана контролдоп турат. Башчыларды калк өздөрү тандашат. Алсак, АКШнын штаттарында тургундар мэрин өздөрү шайлашат. Бул жерден Канаданы мисал келтирсек, өлкөдө калк шаарына байланыштуу бардык маселени шайлоо аркылуу чечет. Жол чыракты жайгаштырууну, аэропортту жабууну же ачууну, дүкөндөрдүн иштөө убактысы деген сыяктуу нерселер тургундардын каалоосу менен ишке ашат.

Континеталдык моделде болсо баарын борбордук администрация көзөмөлдөйт. Башкача айтканда, толугу менен мамлекеттин жогорку тараптарына баш ийишет. Бул моделге Франция, Латын Америкаларынын жергиликтүү башкармалыктары мисал боло алат. Дүйнөдө жергиликтүү башкармалыгы жок өлкө бул Швеция. Өлкөдө мэр, айыл өкмөттөрү жок. Ага муктаждык деле болбойт. Эгер кандайдыр бир көйгөй келип чыкса, депутаттар атайын комитет түзүп, ага каражат бөлүп берет. Мындай башкаруунун себеби өлкөдө салык төлөмү жогору болуп, жергиликтүү бюджет дайым толуп турат.



### Шайлоо демократиянын негизги көрсөткүчү

Кыргызстанда учурда 1000ден ашуун жергиликтүү башкармалык бар. Буга чейин чейин алардын баары жогору жактан шайланып, дайындалып келген. **Саясат таануучу Токтогул Какчекеев** агай эл жергиликтүү башкармалыктарды гана эмес, сот-прокурорлорду дагы өздөрү шайлашы керек дейт.


– Айыл өкмөтү дегенде эл өзүнүн ишенген аттуу-баштуу, акыл-эстүү адамын шайлап алышы керек. Менин оюмча, бул жерге партиялык принциптин деле кереги жок. Мисалы, көпчүлүк эл эч бир партияга мүчө болгусу келбейт. Ошондуктан жөнөкөй түз, ачык шайлоо жолуна түшүш керек. Жеке эле жергиликтүү айыл өкмөттөрүн гана эмес, прокурор, сотторду да эл шайлаш керек. Азыр кандайдыр бир тандоо кеңеши сотту тандап коёт экен. Бул туура эмес. Эл өзү шайлаш керек. Анткени соттор адам өмүрүнө жашоосуна кийлигишип, эркинен ажыратып жатат. Айыл өкмөтү дагы, алардын колунда жер, суу, мал байлыктары тургандыктан шайлоо системасы демократиянын негизи көрсөткүчү катарында болуш керек. Мына биз президентти шайлап жатабыз, аны шайлагандан кийин эмне үчүн Конституциянын гаранты эмес дегенди алып коюп жатышат. Бул демократияга жатпайт. Бул мамлекетти бейөкмөт уюмдар тарабынан алсыраткандык болуп калат. Эгер айыл өкмөттөрүн, шаар башчыларын эл шайласа, алардын ар бири колунан келген ишти майын чыгара жасап, эл-журтту бакканга, анын чарбачылыгына жардам бергенге кудурети келсе, иш илгерилемек. Бүткүл Кыргызстан боюнча 1000ге жакын айыл өкмөттөрү болсо, алар өздөрүнүн карамагындагы жер-сууну туура пайдаланса, өндүрүштү өстүрүп, салыктарды жыйнап, социалдык муктаждыктарга жардам берсе, мамлекетибиз жеңилдеп калмак, – деди.

Анткени менен атка минерлер жергиликтүү бийликти элге өткөрүп, шайлоо укугун колдоруна береби, же жокпу күзүндө болчу жергиликтүү башкармалыктарды шайлоо учурунда билинет. Ага чейин мыйзам күчүнө киреби же кирбейби азырынча белгисиз.

Даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Жалган дүйнө – жалган документ

Азыркы учурда жасалма документ сатып алуунун кыйынчылыгы деле жок. Болгону сураган акчасын берсең, каалаган документиңди колуңа карматышат




## Аркы дүйнөгө берилет

16-майда Үрүмчүдөн Түркияга учуп келишкен уйгур улутундагы 98 адам жасалма кыргыз паспорту менен Стамбулдун "Ататүрк" аба майданында кармалды. Алар аэропорттон Түндүк Кипрге учакка билет алышкан. Көрсө, уйгурлар ар бир жасалма паспорт үчүн 2500 евро төлөшүптүр. ЖМКларда мына ушундай маалымат таралгандан кийин Кыргызстандын кадыр-баркы дагы бир жолу айрандай төгүлдү десек болот. Буга чейин деле ар кандай маселе менен башкаларга кеп болуп келсек, эми минтип 98 паспортту бир "уруп" кармалышканы уят эмей эмне! Баса, мындан ары биздин жарандардын чет өлкөгө учуусу кыйындап, текшерүүлөр кыйлага созулуп калса, буга таң калып, же текшерүүчүлөрдү жаман көрүштүн кереги жок. Себеби, кептин баары алардын кылдаттыгында эмес, биздин алкымын тыя албаган арам тамактарда.

Айтмакчы, бизде жалган документ чет өлкөлүктөргө, же башка улуттагыларга гана эмес, аркы дүйнөлүктөргө да берилет. Мисалы, буга чейин Таласта мүлк талашуу маселеси боюнча мурда эле көз жумган аялдын туулган жылын өзгөртүп, жасалма документ берип жиберишкени маалым болгон. Эми ал жактын жаранынан канча доллар, канча сом алышканын ким билсин, бирок, бечара маркумду да жаткан жеринде бир оодарып, кыйла күнөөсүн көтөрүп коюшканы эч кимге деле жашыруун эмес чыгар.

## Аралыктан окутуу

Мындан да кызыгы, бизде мамлекетибиздин босогосун аттабай туруп, мектебинде окуп, экзаменине катышып, күбөлүгүңдү алып кетсең болот. Ооба, мындай жетишкендикке Жапондор эчак эле жетишкен. Бирок, аларда бир аз татаалыраак. А бизде бир аз акча которуп койсоң болду. Мисалы, үстүбүздөгү жылдын май айында Бишкек шаарындагы автомектептин жетекчилиги Түркия жаранына "2014-жылы автомектепти бүттү" деп айдоочу күбөлүгүн берген. Бирок, ошол учурда айтылган адам Кыргызстанда болгон эмес.

Анткени менен биздин чоңдордун маселени тигинден-мындан издегени таң калтырат. Мисалы, алардын оюу боюнча, жолдордогу авто кырсыктарга оң рулдуу машиналардын көбөйүп кеткени себеп болот имиш. Же болбосо айыппулду көтөрүп койсоң, жол эрежесин бузуу азаят дешет. Мына сага чечим! Айдаганды билбей, окубай туруп рулга отурган адамга оң-солдун айырмасы барбы? Керек болсо тээ айылдагы дыйкандар да билбеген кишиге арабасын карматпайт. Оң рул дагы, сол рул дагы эмес, эшекке сүйрөткөн арабаны да билген кишиге бериш керек. А биздикилер айдоочулук күбөлүктү шатырата сатышат дагы, анан келип алып "оң рул, сол рул" дешет. Жапондун машинасынан айып издеп, айга сөөмөй кезегенден көрө, так ошол авто мектептердин окуучуларын желкеге коюп, бир аз чөнтөктөрүн кагып коюшса болмок.

## Туура эмес туулгандар

КР Өкмөтүнүн маалыматына ылайык, жараксыз колдонууга берилген туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр 40 000 дааналы түзөт. Алардын ичинен бүгүнкү күндө 5222 даанасы алмаштырылган. Ал эми алмаштырылбаган туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр 34 778 даана. Туура эмес берилген күбөлүктүн айынан 1983-жылы туулган Э.Абдыразаков аттуу кыргыз жараны Москва шаарындагы "Домодедова" аэропортунан 3 жашар баласы менен уча албай, аэропорттун убактылуу бажы көзөмөлүнүн суук бөлмөсүндө 14 саат кармалган.

Мына сага шумдук! Көрсө, бул жердин жумушчулары туулгандыгы тууралуу күбөлүктү башкаларчылап аркы дүйнө, берки дүйнөгө сатып жибермек тургай, туура толтура алышпайт экен. Же илгерки орустарчылап өзүнүн тили келбей калса эле, "Бул менин тилим эмес, мага башкача угулуп аткан жокпу" деп кайра тамгалап сурап, тактап койгондун ордуна, жаман арында тууралагамыш болуп, "йо, йусун" кошуп каалаганындай уруп таштаган адаттары дагы эле кала элекпи? Же жентек ичип, той доолап отуруп көз тумандап, каш карайлап калганда жазылабы бул күбөлүктөр, айтор, 40 000 күбөлүк ката кетиптир. Эч нерсе эмес, той эле боло берсин. Баш аман болсо далайды көрөбүз...

## Кызыл аттестат – кыпкызыл акча!

Ошентип бизде туулгандан эле тушамыштарга кабылып, тушооңду кессе да тез чуркагандар эмес, курсагын көтөрө албай араң сүйрөлүп келген кадыр-барктуулар, же бутуна тура албай оолжуп, чалыштап келип, эңкейгенде кусуп жибербей араң-араң өзүн кармап, араң-араң бычак шилтеген мастер (же мастар болобу) кесип турган учур. Андан кийин балакайыбыз бакчага барып мындан тонолот, мектепке барып андан тонолот. Жогорку окуу жайда болсо тонолуп гана тим болбой, тоноо боюнча магистрант, аспирант, керек болсо докторант болуп чыга келет. Эми ал жакты мындай коё туралы. Бир аз артка тарталы дагы, мектептердеги, кадимки эле окуучулардан акча чогултулуп жыл сайын сырдала берген, ремонттоло берген, тактайы, тактасы, партасы алмаштырыла берген, бирок бир да жолу жаңы оокат кирип, жаңы сыр көрбөгөн мектептер тууралуу кеп салалы. Адатта орто мектепти бүтүрүп жаткан окуучунун сабактары жалаң беш болсо, анда ага башкалардан артык, өзгөчө макамы бар кызыл аттестат берилип, кийинкисине кыйла жеңилдиктер каралат.


Бирок муну сиз чын эле ошондой деп ойлоп албаңыз. Бул жанагы математика мугалими айта жүрчү нерсе. Алтыга алтыны кошкондо экини жазасың, бирди көңүлдө кармап турасың дешет го. Бул ошондой. Себеби, кызыл аттестат үчүн жакшы окуштун анча деле кереги жок. Кызыл аттестат деген кызылдай эле акча деген сөз. Эгер бул тууралуу кандайдыр бир далил уккуңуз келсе, анда жаныңыздагы мамлекеттик орто мектепке барыңыз. Мугалимдерден сурабаңыз бирок...

Кыскасы, ушундай. Учурда Кыргызстандын жалган документтери 18 миң ааламга жетип турган учур. Албетте, атка минерлерибиз "коррупция менен күрөшүп атабыз. Аны тамырынан жулкабыз" дегени менен, ага каршы күрөшүү да кыйын. Себеби өзү кошо аралашып калган нерсе менен күрөшүү кимге жеңил болсун. Баткакка кокосуна чейин батып алып "мен жуунуп атам" деген эле кеп болот го анда. Жок дегенде "өзүбүз чыгалычы, анан коррупциянын өпкөсүн үзөбүз" деп Ормон опузасын кылып коюшса жарашмак. Ошондо ишенимдүү да болмок эле. Антпей атышпайбы, кашайып...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Сот соодагер болсо, дыйкан юрист болот

Өлкөбүздө жер маселеси көптөгөн адамдардын көйгөйү болуп келет. Колунда жердин ээси деген документ турса дагы, өз мүлкүнө ээлик кыла албагандардын саны арбын



2004-жылы сатып алган жер тилкеси үчүн азыркы күнгө чейин Беловодск айыл өкмөтү менен соттошкондон тажап, акыйкат издеген Таалайбек Абдыкеримов редакцияга кайрылды. Көрсө, анын кызылдай акчага сатып алган Беловодск айылынын Ленин көчөсүндө жайгашкан 65 сотка жери талашта туруптур. Колунда кызыл китеби, тех паспорту бар экенине карабай, аталган айылдын айыл өкмөтү канча жылдан бери жер тилкеге арест коюп, иштетпей жатканын айтып кейиди ал.

## "Жерди бирөөгө берем десе керек"

– 2004-жылы 15-январда "ПКФ" дыйкан чарбасынан Беловодск айылындагы Ленин көчөсүнөн 65 сотка жер тилкесин сатып алгам. Жер тилкени каттатам деген кезде Беловодск айыл өкмөтүнүн башчысы Шкирман мамлекеттик актыны таап чыгып: "Ушуну жокко чыгарсаң, сага жер тилкесин баштапкы документтер менен бекитип берем" деген. Мен сатып алган жер 1985-жылы Райпотреб союзга берилгенин билдим. Кийин андан "НП" дыйкан чарбасы сатып алган. Айыл өкмөттүн бул жер тилкесине биринчи документтен баштап киришкенге тиешеси жок. Анткени бул жер муниципалдык жер эмес. Шкирман жумуштан кеткенден кийин Кононов аттуу жаран айыл өкмөттүн башчысы болуп келет. 2007-жылы район аралык сотто жер тилкенин мамлекеттик актысы жокко чыгарылат. Акт жокко чыгарылгандан кийин айыл өкмөткө бул жер тилкеси катталсын деген чечим чыгарылат. Ошентип бул жер качан каттатылат деп күтүп жүрө берип 6 ай өтөт. 2008-жылы айыл өкмөт өзү чыгарган тескемени өзү жокко чыгарды. Бирок, жокко чыгарылган чечим менен алар мени тааныштырган жок. Булар ишти атайын созуп, жашырып жатат. Жокко чыгарылган ишти алар менин дарегиме жөнөтүп, болбосо телефон номуруума чалып кабарлашы керек болчу. Бирок анткен жок. Жер тилкеге булар кызыктар. Айыл өкмөт мына тууралайт, жасайт деп ишенип жүрсөм, алар өз билгенин жасап жатышат. Алардын бул иш-аракеттери мыйзамсыз.

2007-жылы чыккан чечим облустук сотко кетип, ал жактан утуп чыктым. Жогорку сотко берди эле, ал жактан да менин пайдама чечилип, 2007-жылы чыккан чечимдер күчүндө калтырылды. Мага тиешелүү жердин документинде баары так жазылып турса да, алар каалаганын кылганы мени таңгалдырып жатат. 2015-жылы Жогорку сотто чыгарылган чечим күчүндө калтырылды. Ошондон кийин жерди бекитип бергиле деп айыл өкмөткө арыз жаздым.

*(уландысы 8-бетте)*



# Жети өлчөп бир кес

Бул жашоодогу эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири – үй-бүлө күтүү, үй-бүлө күтүүнүн чеберчилиги. Үй-бүлө күтүүдө эмнелерге көңүл буруу керек? Мына ушул тууралуу кичинекей ой-пикирлер, көз караштар жана сунуштар...

## “Үй-бүлө” күтүү

“Үй-бүлө” бул өз алдынча мыйзамдары бар кичинекей мамлекет. Мындай мамлекетти куруууда үй-бүлө деген эмне экенин баш кошуп жаткан эки жаш жакшылап түшүнүп алуусу зарыл. Үй-бүлө күтүү– Жараткан тарабынан берилген табигый муктаждык болуп эсептелет. Узак сапарга аттанып жаткан жолоочу сымал алгач эмне максатта чыгып жатканын билиши керек жана өз сапарында эмнелер керек экенин тактап алуусу зарыл.

Бактылуулук деген эмне? Үйлөнө турган адам бакыт деп эсептеген нерсени баш кошо турган кишиси да бакыт деп эсептейби же анын дүйнөгө көз карашы башкабы? Сен аны бактылуулукка тартасыңбы же ал сени бактысыздыкка тартабы? Орток критерийлерди тактап алуу кажет. Мисалы, экөө тең жакшы адам болушу мүмкүн. Бирок кээ бир нерселер бирине жакса, бирине жакпайт. “Чогуу жүргөн кишиңдин жан дүйнөсү сенде чагылат” дегендей, сен да кандай жан дүйнөнүн чагылышын каалайсың? Маселе ушунда.

Ал эми бакыт жолуна түшүүнүн эң башкы баскычы – өзүңүн эмне үчүн жаралганын билүү. Аны билген адам бул дүйнөдөгү ар бир нерсенин аманат экенин билүү менен баш кошо турган кишисине да аманат катары мамиле жасайт. Эгер, бул жашоодогу максаты так эмес, дагы эле өзүн таанибай, таппай жүргөн болсо, анда баш кошо турган кишисин кошо түңгүюкка кептөөдөн көңүл калуу, чыр-чатактар чыга келет.

## Улуулардан улуу кеңештер

- Үй-бүлө куруууда эң алгач тажрыйбалуу улуулар менен кеңешүү зарыл. Ошол эле убакта кеңеше турган адамдар ким экени да маанилүү. Себеби кеңешчү кишинин багыты менен иш-аракет жасалат. Ал келечектин үрөнүн себүү менен барабар.
- Азыркы замандын талабы дейбизби, айтор, үй-бүлө курууга даяр болуу үчүн атайын даярдоо мектептери керекпи деген да ой келет. Себеби бул жашоонун эң маанилүү процесси.

## Анда кайсы сабактар окутулушу керек?

- Бул суроого жооптор аябай эле көп. Анткени баш кошуу – бул олуттуу иш. Буга ар тараптуу даярдык керек. М: психология, экономика, дарыгерлик, укук, кулинария, педагогика ж.б.
- Кийинки маселе – эмне үчүн 6 млрд. элдин арасынан так ошол адамды тандады? Мунун жообун да билүүсү зарыл. Албетте, бул нерсе дүйнөгө болгон көз-караштарынын окшоштугунда, адамдык асыл сапаттарынын окшоштугунда, бири-бирине туура келген критерийлердин көп болгондугунда жатат.
- “Жети өлчөп бир кесүү” жөн эле айтылган эмес. Эң башкы маселе үй-бүлө курууга мен даярмынбы? Даяр болуунун ичине бир гана физикалык дене түзүлүш менен жаш курак эле эмес, психологиялык, руханий абал да кирет. Көпчүлүгү дене түзүлүшү, жаш курагы жагынан даяр болушу мүмкүн. Бирок, ички дүйнөсү дале бала бойдон калгандар жок эмес. Ошондой эле руханий дүйнөсү тар болсо да, келечеги жакшы болбой калат. Үй-бүлө көпкө чогуу өмүр сүрө албай калышы мүмкүн.

## Үй-бүлө күтүүгө даярдык?

- Даяр болуу – жакшы тамак бышырып, жакшы акча табуу эле эмес, баарынан маанилүүсү – кыйынчылыктарга туш келгенде кантип жеңип өтүүдө, балага татыктуу тарбия берүүдө, татыктуу ата-эне милдетин аткарууда да жатат.
- А эмне үчүн үйлөнүү керек? Бири-бирине түбөлүк таяныч болуу менен бирге коомго пайдалуу муундарды калтыруу максатында үйлөнүү керек. Эгер жубайлар жеке өзүнө таандык көйгөйдү чече албаган даражада болсо, анда ал жарынын эмес, баласынын да чиеленишкен суроолоруна жооп берүүгө даяр эмес. Себеби, жашоо кыйынчылыксыз болбойт. Андай кыйынчылыктарды жубайлар бири-бирин колдоп, сабырдуу болуу менен жеңип өтө алышат. Же болбосо кандай кыйынчылык болбосун андан чыгуунун жолун таап, өмүрлүк жарына көмөкчү болуу менен жакшы түтүн булатып, өз карамагындагы балдарын, балдарына кошуп жалпы коомго салым кошот.
- Үй-бүлө=бактылуулук. Бактылуулук бир гана бирөөдөн бир нерселерди күтүү, же болбосо алуу эмес. Тескерисинче, берүү менен башталат. “Кандай мамиле күтсөң, ошондой мамиле кыл”. Бул эреже үй-бүлөнүн ичинде да сакталышы керек. Карщы тараптын кемчилигин издөөдөн мурун өз кемчилигиңди оңдоо – акылмандык. Өмүрлүк жарынан ашыкча көп нерсе күтпөө зарыл. Себеби ал деле сага окшогон адам. Кайсы бир өлкөдө эксперимент жүргүзүшкөндө эң бактылуу жубайлар реалдуу жашаган үй-бүлөлөр болуп чыккан.
- Эгерде коомдо жашы жетип, турмуш курууга ар тараптуу даяр болгон жаштар болсо, жакын адамдары анын турмуш куруусуна көмөк көрсөткөнү жакшы. Анткени аны чөйрөсүндөгү адамдар гана жакшы тааныйт. Бирок, эгер алар тааныштырган соң турмуш куруп, бактылуу жашап калышса, “мен тааныштыргам” деп милдет кылбоо зарыл.
- Ата-энелер жана үй-бүлө теңдиктери. Албетте, бул нерсеге азыркы учурда көп көңүл бурулат.
- Сыйлоо=жакшы көрүү. Эгер турмуш курам деп жаткан жарыңыздан сиз талап кылган нерсенин 20%ын эле көрсөңүз, анда сиз аны менен бактылуу өмүр сүрүп кете алаарыңызды илгери эле бабаларыбыз айтып кеткен. Ашкере кыялданып алып, анысы ишке ашпай калганы адамды иренжитет. Ошондуктан көп учурда реалдуу өмүр сүрүү сунушталат. Айрыкча, азыркы жаштар үчүн.
- Экөө бирге чече ала турган маселелерди бири-биринин кемчилиги катары эсептебеши керек. Өзгөчө “мындай болбосо болбойт” деген критерийлериңиз болсо, үйлөнөөрдөн мурун аларыңызга жакшылап көңүл буруңуз. Анткени сиздин адаттарыңыз, мүнөздөрүңүз, жоруктарыңыз калыптанып бүткөн. Ошондуктан бири-бириңердин кыжырыңарга тийген жоруктар болсо, канча жакшы адам болсо да көпкө чейин чогуу жашоо кыйын болуп калат. А эгер ал адам жагып, бирок андагы бир жорук жакпай тургаанына карабай “мен ага чыдайм” десеңиз, анда кийин өкүнбөңүз.

## Үй-бүлө куруууда эмнелерге көңүл бурулууда?

- Үй-бүлөлүк бакыт – заңгыраган үй, ичи толгон эмерек, жакшы айлык, кымбат унаа деп эсептелип калдыбы? Албетте, ар бир адам өз ырыскысы менен гана жашайт. Ал эми чыныгы бакыт – адам өзүн ыңгайлуу сезгенде гана. Үй-бүлө – бул чоң мектеп. Дайыма жакшы окуучу болууга аракет кылуу зарыл.
- Көп угуп, аз сүйлөө (эки кулак, бир ооз). Б.а. чечим чыгарууда шашылбоо керек. Бири-биринин талаптарын, каалоолорун угуу зарыл. Ар ким өз оюн туура түшүндүрүү менен максаттарын тактоолору кажет.
- Ишенүү – үй-бүлө курууга ташталган чоң кадам. Бири-бирине болгон ишенимдин артуусу менен ортодо сүйүү жаралат. Келечектеги муунду татыктуу тарбиялоонун жоопкерчилигин сезе билүү эң маанилүү.
- Аялзатына да, эркектерге да тиешелүү нерсе – сенин милдеттериң булар деп текеберденүүдөн мурун, ошол талапка өзү татыктуубу? Муну жакшылап ойлонуп көргүлө. Албетте, аял коргоого, жакшы мамилеге муктаж. Эгер ал муктаждык жоюлса анда ал күйөөсүнө итаат кылуу менен татыктуу эне болууга аракет кылат.

АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Сот соодагер болсо, дыйкан юрист болот

*(уландысы, башы 7-бетте)*

Алар мага тескемени бергенден кийин мен кызыл китеп, тех паспорт жасатып, кызыма каттаттым. Булар чоң атасынын үйүндө жүргөнсүп, өз билгенин жасай беришеби. Мага керектүү документтерди жок кылып, өзүнө керектерди таап чыгышууда. Эми кайра конституциялык сотко даттануу жазышып, жериме арест коюп коюшту. Кононов бул жерди башка бирөөгө сатып жибериш керек деп кызыгып жатат, же акча алып койгон болушу мүмкүн, – деди ал.

## “Акыркы чечим кабыл алына элек”

Окуянын чоо-жайын билүү үчүн Беловодск айыл өкмөтүнүн жетекчисинин милдетин аткаруучу Аида Казыгулова менен жолугууга бардык. Биринчи күнү жумуш ордунда жок экен. Экинчи күнү баргаңыбызда жооп бергиси келбей араң үндөдү. Бизге 5 мүнөттүк убакысын бөлгүсү келбей тарсылдай сүйлөп, оңчулуктуу жооп бербей койду.

Айыл өкмөт жетекчисинин орун басары Совет Орозалиев болсо, 12 жылдан бери айыл өкмөт менен соттошуп жүргөн жарандын маселесинен кабары жок экенин айтып кутулду:

– Бул кызматта иштегениме 2 ай болду. Мен иштегенден бери мындай арыз түшө элек. Ошондуктан бул маселени билбейм жана толук маалымат бере албайм, – деди ал.

Ал эми Москва районунун сот-төрагасы Феликс Марлеске кайрылганбызда ал акыркы чечим чыга элек деп толук жооп берүүдөн баш тартты.

– Бул иш боюнча соттук териштирүү бүтө элек. Учурда иш Чүй облусунун сотунун өндүрүшүндө болгондуктан, акыркы чечим кабыл алына элек. Ошондуктан азыр комментарий бере албайбыз. Мага келген жарандардын баарын кабыл алып, көйгөйүн сурайм. Керек болсо мыйзам чегинде багыт берем. Себеби жарандарды кабыл алуу мыйзамы бар. Ошол мыйзамдын негизинде аларга жардам көрсөтөбүз, – деди ал.

Бул бир айыл өкмөттөгү гана жер талаштын таржымалы. Анткени менен мындай көрүнүш Кыргызстандын бардык аймактарына, өзгөчө Бишкек шаарынын чет-жакаларына мүнөздүү. Ушундан улам жерлер жергиликтүү бийликтин акча жасоо булагына айланганбы деген ойлор да туулат.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Айбек Темирбаев: Көк бөрү - эрендердин эр оюну

*Чап сооруга чабдар атты, жиреш тең,*
*Чап кармагын бурбай кармап билектен.*
*Эрдик кылып, эр намысын өтөгүн,*
*Эсиңе алгын ээрге басып кетээрин.*
*Күчү кетип, кулаарына аз калды,*
*Имере тарт, оодаруучу кезегиң.*
*Кыйла достор кызыгышып көрүшсүн,*
*Кыргыз уулу атка бышык экенин* - демекчи накта кыргыз жигитинин жүзү болгон улакчы жана эңишке түшүп жүргөн балбандар ар убак эл сүйүмөнчүгү болуп келет. Урпактарга аманат катары калган мына ушул улуттук оюндарыбыздын учугун улаган балбан билектерибиздин бири Айбек мырза эр эңиш, торпок улак тууралуу аңгеме куруп берди



Толук аты-жөнү: **Темирбаев Айбек Маматтурсунович**
Туулаган жери: **Ош облусу, Өзгөн району, Тоо-Дыйкан айылы.**
Бою: **180**, салмагы: **81 кг**
Туулган жылы: **1991-жыл, 5-май**
Жетишкендиктери: **Эр эңиш боюнча Ош облусунун 90 кгга чейинки салмактагы чемпиону (2013-2014) ж.б.**
Минген аргымагы: **Көкчө.**

## Көк бөрү мен үчүн эмне?

Жашыман улак тартам. Атам да кезегинде улак тарткандыктан “бул сонун оюн” деп айтар эле. Атам келгенден кийин оюн тууралуу айткандарын угуп, ал чаап келген атты карап жүрүп жашыман эле улакчы болом деген оюм бар болчу. Көк бөрү мен үчүн эң сүйүктүү спорт. Кенедейимен ат үстүндө жүргөнүм үчүн улакчы болсом деген көксөөм бар болчу.

## Көк бөрүдөн баш тартпайм

Менде улакчылыкты таштоо тууралуу ой болгон эмес. Көк бөрү бул чыныгы эркектин оюну. Накта кыргыздын жигитимин дегендер улак тартат. Оюнда катуу жаракат алган учурлар болгон. Андайда кийинкисинде туура кыймылдап, катачылыкка жол бербегенге аракет кылам.

## Торпок улак тууралуу

Ошто торпок улак, командалык улак, анан теке улак тартабыз. Чоң улак болгондо торпок тартышат, кичинекей улак болгондо теке чабышат. Командалык улак тартыш менен аламан торпок экөөнүн айырмасы чоң. Торпок улакта мара деп коёт. Мисалы, 100-200 метр алыстыктагы жерди айтат. Торпокту жерден эңип алып айтылган жерге алып барып таштайсың. Бул жерде бир адам марага жетиш керек. Сооруга көбүнчө төө, тай коюшат. Баары байге алсам деп эртең менен туруп жатканда өзүнчө келмелерин айтып, таза улак чабайын деп даарат менен барышат. Оюнда 10%ы алып барып таштаганга аракет кылса, 90%ы сени таштатпаганга аракет кылат. Торпок улакта эреже жок. Болгону башка оюнчуларды камчы менен урбайсың, эңкейгенде жонго теппейсиң анан жипке байлабайсың. Торпок улакта чыныгы аты да, өзү да кыйын оюнчу алып барып таштайт. Бизде өзүбүздүн Көлдүк айылында 7 команда улак тартат. Жылына 6-7 жолу өзүбүзчө командалык улак тартып турабыз. Февралдын аягында айыл өкмөт аралык улак тартыш уюштурабыз. Ошол жерден ар бир айыл өкмөттөн 9-10 команда ойнойбуз. Бул жерде жакшы оюн көргөзгөндөр топтолуп алып, облусттук деңгээлдеги оюнга барабыз.



"Жашоодогу байлыгым-үй-бүлөм"

## Торпок улакта байге чоң коюлат

Мага оюндун эки түрү тең жагат. Торпок улак берген адам көп каражат кетирет. Негизинен торпок улакты кээде өзүн көргөзүп, атак алыш үчүн да беришет. Азыр көбүнчө торпок улакты Өзгөн, Ош жакта байлар берет. Айылда көп жылдан бери балалуу болбой жүрүп жаңы уулдуу болгондор, же эркек балалуу боло албай жүргөндөр да улак берет. Эми илгертен калган сөз бар го: “Бир улакчынын, бир бозокордун батасы тиет” деген. Ошондуктан уулдуу болоюн деп бата алмакка улак бергендер болот. Алар эми чын ниетинен беришет. Айрым аткаминерлер шайлоо учурунда да улак берип калышат.

## Эр эңиш тууралуу

Эр эңиште балбандар 70, 90 кгга чейинки жана 90 кгдан жогорку салмак боюнча күч сынашат. Менин салмагым 90 килограммга чейин барат. Бизде айылда тойлордо эр эңиш болот. Ошто эңишке чыкканда билектин күчү менен гана тартышабыз. Ал эми Чүйдө өткөн эңиште белге кур байлап алып күч сынашабыз. Бул жерде тартсаң деле эсеп, түртсөң деле эсеп, аттан түшүрсөң атаандашыңды утуп кетесиң. Негизи илгертен эле эр эңиште билектин күчүнө караган да. Менимче, ошондо аттын үстүндө чыныгы балбан билинет. Чүйдөгү эңиште курдан тартып, ат менен урдуруп барып кармап күч сынашышат. Негизинен бул жерде оюн тагдырын ыкчамдык чечип калат. Мен мурун Ошто эңишип жүргөм. Эми эки жылдан бери Бишкектеги чемпионатка катышып, Чүйдө өткөн эр эңиштин эрежелерине да көнүшүп кеттим. Эр эңиште облустардын балбандары арасында айырмачылыктар чоң. Бишкектеги чемпионатта Оштон келген балбан менен эңише турган болсоң коркпой отурасың, анткени ал курдан кармабайт, түртпөйт, билектен гана кармайт. Ал эми Таластык, Чүйлүк балбандар менен эр эңишке чыкканда өтө деле күчүңдү коротпойсуң, мында болушунча ыкчамдык талап кылынат.

## Мага экөөсү тең жагат

Улакта 12 бала кечке жан-алакетке түшүп тартабыз. Эр эңиште улактагыдай кыйналбайсың. Ортого чыгып 6 мүнөт эңишесиң. Бирок эр эңиште көк бөрүдөгүдөй эмоция болбойт. Улактан жеңгенде өзүнчө бир сонун керемет сезимдер болот. Жеңишке жеткенде өзүнчө толкунданып, жеңилдеп каласың. Мен торпок улак да тарткандыктан, той болгондо улак башталганча биринчи эңишке түшүп, анан оюн башталганда улак тартам. Мага көк бөрү менен эр эңиштин экөөсү тең жагат.

## Хоббиби же киреше булакпы?

Мен улакты каражат табыш үчүн тартпайм. Жашыман улак менен бизнес кылам деген оюм да жок. Менимче улак тартып тирилик кылып кетүү мүмкүн эмес. Көбүнчө улакта өзүмдү көрсөтүш үчүн аракет кылам. Менин жеке оюмда улакчылыкты кыргыздын оюну, хобби катары алып кетсе болот.

## Спортчу катары пландар

Алдыда көчмөндөр оюнуна катышып, эр эңиш боюнча чемпион болуп, Кыргызстандын желегин желбиретсем деген ниетим бар. Буюрса, чемпион болсом, эңишти өзүмдөн кийинки жаштарга өткөрүп берсем дейм. Ал эми улак боюнча айтсам, командалык оюнда өзүмдү көргөзүп Ош облусунун атынан чыгып жаткан “Достук” командасынын негизги курамына кошулуп, Кыргызстанда чемпион болушуна өз салымымды кошсом деп тилек кылып жатам.

Даярдаган РАХАТ АКМАТОВА

# АКШ шайлоосунун кооптуулугу

**Американын негизги эки партиясы жакынкы президенттик жарышка шайлоочулардын купулуна толорлук талапкер чыгара алган жок. Бул америкалык шайлоочуга гана эмес, АКШны эффективдүү демократиянын үлгүсү катары көргөн дүйнөгө да ашкере болуп калды**



Учурдагы америкалык шайлоо курч талкууларды жаратып турган тема. Анын утурумдук майда-чүйдө маселелери менен алектенгендер көп. Бирок атаандаштыктын американын партияларына, шайлоочуга, ноябрдагы президенттик шайлооого, АКШнын жалпы саясаты жана дүйнөдөгү демократияга кандай кедергисин тийгизери талданбай, көз жаздымда калууда. Бул шайлоо дүйнөдө башаламандык, тобокелдик жана демократия институттарынын аксоосуна алып келери азыртадан эле белгилүү болуп турат.

## Республикачылдардын туңгуюгу

Талдоону республикачылдардан баштайлы. Индиана штатында шайлоочулардын 50% добушуна татыктуу болуусу менен Дональд Трамп республикачыл партиянын атынан президенттикке аттануу акысын алды. Ар бир партиянын өз ичиндеги талапкерлеринин ат салышуусуна негизделген Америкада Трамптын акыркы эки атаандашы президенттик жарыштан баш тартты. Партиялаштар бири-бири менен жулкулдашпай, топтон суурулуп чыккан лидеринин колдоого өтөт деп адаттагы атаандаштык жарышы күтүлгөн натыйжа берди десек болмок. Бирок бу сапар андайга ооз барбай турат. Бир тобу диндарлардан турган республикачылдар «катынпос күйөө» атка конгон, ажыкыз Нью-Йорктук миллиардерден чочуп турат. Туруктуулукту сүйгөн республикачылдардын салттуу шайлоочусу да «Партия үчүн, Трамп үчүн» деген ураандын алдында топтолору арсар. Миллиардерди жактагандар он миллион республикачыл аппачык эле Трампты колдоорун билдирди деп манчыркашат. Бирок калган 14 миллиону анын атаандаштарына добуш бергенин оозго алгысы келбейт. Мисалы, Висконсин штатынын республикачылдарынын 37%ы асман түшүп кетсе да Трампка добуш бербесин айтышкан. Бул болсо Трамптын эң керектүү штаттарда ойрон болуусу үчүн жетиштүү.

Партиянын курултайына кирген элитаны бириктирүү да өзүнчө маселе. Ак сөөктөр Трамптын жеңишин моюндабай коюусу оор, анткени ал формалдуу талап кылынган бардык нерсени аткарды. Трамп республикачылдардын бетине кара так болуп жабышкан талапкер. Республикачылдардын курултайы кантип өтөрүн элестетүү кыйын. Оозуна ак ит кирип, кара ит чыккан Трамп «ышкырткан Круз», «кибиреген Рубио», «сөлдүрөгөн Буш» деп атаган мурунку атаандаштары партиясы жана анын талапкери болуп чыга келген милиардер жөнүндө бирдеме деп жылуу сөз айтууга мажбур. Алар «Трамп – президент» деген шапкелерди кийип чыкса да, карапайым шайлоочусу бул эки жүздүүлүккө эмне дейт? Канчалык эс тутуму начар болсо да, мындайды унутуу кыйын.

Курултай кандай болбосун, эбегейсиз эки жүздүүлүк менен коштолот. Ооба, сахнага жаңы, олуттуу, жоопкерчиликтүү көрүнгөн Дональд чыгуусу мүмкүн. Трамп март айында ушундай болуп чыга келген, бирок бирткеден кийин эле анын аласы сыртына чыга түшкөн. Голливуддун жомокторуна сугарылган шайлоочу мындай кубулушка ишенгиси келиши мүмкүн десе да, жалгандарга толгон бул шайлоо компаниясы АКШнын тарыхына ичи эң бош добуш берүү катары кирмекчи.

## Демократтардын алсыздыгы

Демократтардыкы да ашмалтай. Он жылдаган даярдык, азыркы президент Барак Обаманын колдоосу жана экономикалык жетишкендиктерге карабай, өтмүштөгү эң күчтүү президенттин жубайы жана болочокто биринчи аял президент өз партиясынын курултайында жеңип чыгуу үчүн керектүү сандагы делегаттарды чыгара албай айласы куруп келет. Албетте, бардык нерсе ишенимге келип такалууда. Хиллари Клинтон өтө көп ката кетирет жана жүрүм-турумунда жасалмалуулук көп.

Хиллари өз партиясына гана эмес республикачылдарга да терс таасирин тийгизип, атаандаш партиядан аны теңине албаган көп талапкерлердин аттануусуна себеп болгон. Куру ооз көптүрүү ага каршы эң жакшы курал болуп берди. Клинтон АКШнын быйылкы шайлоосунда ат үстүндө калган жалгыз реалист. Ал ыңкылаптар XX кылымда калганын сезген жана көп иштеп, бир пикирге келүүгө аракет кылуу зарылчылыгын түшүнгөн жалгыз талапкер. Ага каршы чыккан эң чоң популист Дональд Трамптын Мексика чек арасына дубал уруп, байлардын каражаттарын тартып алып, билим берүү менен саламаттык сактоону бекер кылып салуу керек дегени карапайым калкка өтүмдүүрөөк болуп турат.

Астын сызып, натыйжа чыгарганда жарышта жалганчы популист Трамп, чынчыл популист Сандерс жана жалганчы, бирок популист эмес Клинтон калды. Тандоо бар сыяктуу, бирок жокко эсе.

## Американын баш оорусу

Башаламандык менен тобокелчилик эмнеде? Үстүртөн караганда баары түшүнүктүү жана жөнөкөй сыяктуу. Хиллари демократтардын июндагы курултайында талапкер аталып, Трампты атынан оодарып түшөт. Ошентип кулактын кужурун алган популизм утулат десек болот. Бирок андай деп айтып жиберүү жалган болуп калчудай.

Американын саясий элитасы, жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) жана серепчилер жаңы эрежелерди иштеп чыкпаса, 2020-жылдары өлкөнүн саясаты мындан да жаман абалда калуусу мүмкүн. Быйылкы куру ооз көптүрүүнүн кесепети эмитен эле билине баштады. Жаш саясатчылар атаандашыңды, башка түстөгү же жыныстагы адамдын шермендесин чыгаруу – көнүмүш жана натыйжалуу саясий салт экенин баамдашты. Алар калпты-чынды койгулаштырып, каалаган убагында каалаган тарабыңды жактай берсең болот экенин көрүштү. Мындай тың чыкма зөөкүрлөрдү партиялар да, ЖМК да ооздуктай албай, алар барган сайын атагы артканын байкашты.

Буга чейин АКШ тарыхында эки партиянын, ага кошулуп ЖМКнын да мынча паска түшүп кеткени болуп көргөн эмес. Бир партия алсыз же түшүнүксүз талапкер койсо да, экинчиси ага караганда тыңыраак бирөөнү чыгарып келген. Эгер оозун ачкан президент келип калса да, эки партиядан турган Конгресс абалды жөнгө салган. Партиялар кийинки шайлоого күчтүү талапкер коюуга чара көрүшчү. ЖМКлардын орду чоң болчу. Алар саясатчылардын күчтүү жана алсыз тараптарын таап, алардын мүнөзүн аныктап коюшчу. Бул жылы өлкөнүн коомдук системасы толугу менен талапка жооп бере алган жок. Партиялардын элиталары бир сөзгө келе албай, баштапкы шайлоолор жакшы натыйжа берген жок, ЖМКлар жалжактаган шоу жагына ыктап, талапкерди АКШнын болочок президенти катары суна алган жок.

## Дүйнөнүн балээси

Жогорудагы башаламандыкты америкалык саясатчылар менен шайлоочулар гана эмес бүтүндөй дүйнө көрүп турат. АКШ көпчүлүктү сукттанткан күчтүү демократиялык башкаруу системасы бар үлгүлүү мамлекет катары каралчу. Бул үчүн демократтар суперделегат, республикачылдар праймериз системасын ойлоп чыгышкан. Бирок учурда бул системаларга вирус кирди.


Эгер буга чейин популизмге европалык саясий даңгыр жолдун чеке бели эле берилсе, учурда ал теңиреңдеп дүйнө саясатынын алдына түшүп алган. Трамптын праймериз аталган баштапкы шайлоодо жеңип чыгуусу – дүйнө үчүн чоң сабак, демократиянын пайдубалына коюлган жардыргыч. Эми дүйнө АКШга «Силердин жалганчыңардын кимиси элиңерди бириктирет? Айтсаңар, боорубузду тытып чогуу күлөлү» деп турган чагы.

## Хиллариге күнүбүз түшкөндө

Кээ бир серепчилер дүрбөй берүүнүн кереги жок, америкалык саясат эки жүз жылда Трамптайдын далайын көргөн дегенсийт. Бирок Трамптын бети жоктугу жана ал адатка айлантууга аракет кылган жүрүм-турум саясий институттардын кыртышын жууп баратат. Жоопкерчилик, эсеп берүү, билгичтик, коомдун абалын эске алуу туура саясатчылардын калыптануусуна шарт түзөт. Бул моралдык принциптерди каратып туруп тебелөө болсо күчтүү жана ийилчээк деп эсептелген америкалык саясий институттарынын пайдубалына залака кетирүүсү мүмкүн.

Бир нерсе кылса болобу? Учурда бардык үмүт Клинтон менен демократтарда. Алар коомчулукту бириктирген аракеттерди сунуусу керек. Мындан сырткары, ЖМКлар менен серепчилерде. Серепчилердин көбү саясатчылардын шермендечилигин эмес, келечекти көрө билүүсүн талдап, салттык саясатты колдоого даяр. Албетте, бул колдоо ансыз деле ашмалтайы чыккан «Трамп менен күрөшүү» эмес, «акыйкат үчүн күрөшүү» мүнөзүндө болуусу керек. Хиллари Клинтон үчүн бул жигердүү жана натыйжалуу президенттикке, америкалык демократия үчүн сакталууга жана өнүгүүгө жол ачат.

*Жарандык демилге комитетинин серепчиси ПАВЕЛ ДЕМИДОВ*



# “Моуриньюнун Манчестрге келгени туура эле болду”

“Бавария” футбол клубунун машыктыруучусу Карло Анчелотти Жозе Моуриньюнун “Манчестр Юнайтед” клубуна насаатчы болуп барганын англиялык клубдун жетекчилигинин туура чечими болду деп эсептейт. “Моуриньюо Премьер-лиганы абдан мыкты түшүнөт. Ал дүйнөдөгү эң мыкты тренерлердин бири болуп саналат. Учурда Манчестрге команданы кыймылдата турган ушундай жөндөмдүү адам өтө керек болуп турган. Моуриньюга чейин командага эки жыл бою Луи ван Гал насаатчылык кылган. Элде ван Галдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы боюнча салыштырмалуу түрлүү пикирлер бар. Ван Гал болсо Рио Фердинанд, Пол Скоулз, Райан Гигз, Алекс Фергюссондордон кийин келип команданы кайрадан ордуна коюу мезгилинде иштеп калды. Өз учурунда Гал деле жаман иштеген жок. Команданы кайра тизип чыгуу деле оңой иш эмес да. Өткөн жылы Манчестр Юнайтеддин мыкты жаш оюнчулары бар экенине күбө болдук. Моуриньюнун кийлигишүүсү менен балким клуб алдыга кеңири кадам шилтейт болуш керек деген оюм бар. Анткени анын Англия чемпионаты боюнча эбегейсиз тажрыйбасы бар”, – деди “Баварияның” машыктыруучусу.

# Зидан оюндан ыракат алганга мүмкүндүк берди




“Реалдын” жарым коргоочусу Гарет Бейл насаатчысы Зинедин Зидандын команданын ийгилиги үчүн жасаган үлүшүнө ыраазы болуп: “Зидан бизге келип оюндан ырахат алганга, эркин ойногонго мүмкүнчүлүк берди. Ар бир эле оюнчу так ушундай футбол ойногусу келет эмеспи. Зидан “Реалдын”футболчуларын шыктандырып, ар бирибиз футбол талаасына чыгып, мыкты оюн көрсөтөрүбүзгө ишеним берип койду. Биз Чемпиондор лигасын жеңип аларыбызга ишенебиз. Эми муну оюн талаасына чыгып далилдешибиз эле калды. Анткени менен бизди өтө татаал матч күтүп турат”, – деп айтты Бэйл Goal интернет порталына берген маегинде.

# Кыргызстандык ФИФАнын коопсуздук офицери болушу мүмкүн

24-майдан 26-майга чейин Швейцариянын Цюрих шаарында эл аралык турнирлерде жана өзүнчө матчтардын коопсуздугун камсыздоо процессинде ФИФАнын атайын семинары болуп өтөт. Бул тууралуу Кыргызстандын Футбол федерациясы билдирген.

Мурдараак Эл аралык футбол федерациясы аялдарга «коопсуздук офицери” аттуу сынак жарыялаган эле. Футболго кызыккан аялдардын спорттук коопсуздук боюнча маалыматы кенен болушу керек. Ошондой эле алардын коопсуздук маселеси боюнча маалыматы терең болуп, тажрыйбасы бай болушу керек.




Кыргыз Республикасынын Футбол федерациясы менен Ички иштер министрлиги бизден милициянын майору Тынара Мавлянованын талапкерлигин туура көрүштү. Анткени бул айым ФИФАнын семинарында коопсуздук боюнча тандоо турунан өтүп, Кыргызстандын атынан барышы мүмкүн.

Эгерде Мавлянова семинардын бардык турларынан ийгиликтүү өтсө, эл аралык чоң-чоң футболдук мелдештерде Кыргызстандын коопсуздук боюнча өкүлү болуп калышы ажеп эмес. Эмесе Мавляновага ийгилик каалап, колдоп-коштоп сүрөп коёлу!

# Кыргызстандык А.Шевченко жарым финалга чыкты



Кыргызстанда туулуп-өскөн Антонина Шевченко ушул күндөрү шведдердин Йончепинг шаарында өткөрүлүп жаткан тай мушу боюнча чемпионатта жарым финалга чыкты.

24-майда Перу командасынын атынан чыгып жаткан Шевченко турнирдеги старттык мушташта Мароккодон келген мушкер айымды алаксалдырып, 63,5 килограммга чейинки салмактык категорияда жарым финалдык мелдешке чыга турган болду. Ошондой эле бул мелдеште кыргызстандык Рафаель Физиев жана Мирбек Сарткалмаков аттуу мушкерлер да атаандаштарын жеңип, жарым финалдык мелдешке суурулуп чыгышты.




# Ордо оюуну «Көчмөндөр оюнунда»

Үстүбүздөгү жылы Абдылас Төлөмүшовдун демилгеси менен өлкөбүздө «Абалак Ордо» спорт федерациясынын коомдук бирикмеси түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агентигинен каттоодон өттү жана өзүнө таандык аккредитациясын алды.

Эми бул оюн кыргыз элинин бардык улуттук оюндары катары сентябрь айында өтө турган «Көчмөндөр оюнунда» ойнолуп, эл ичинен тандалып алган чыгаан ордочулар калың элдин алдында кызуу таймаш көрсөткөнү турат. Айтмакчы, «Абалак ордо спорт федерациясы» бул оюндун эрежесин жана жобосун даярдап, жакын арада эл ичине сунуштаганы турат.

# Теги кыргызстандык бокс боюнча дүйнөнүн чемпиону



79,4 салмак баскан Кыргызстанда туулган орусиялык мушкер Дмитрий Бивол (WBA) Бүткүл дүйнөлүк бокс ассоциациясынын версиясы боюнча жарым оор салмакта дүйнөнүн утурумдук чемпиону болду.

25 жаштагы Дмитрий Бивол Москвадагы “Мегаспорттун” рингинде Доминикан Республикасынан келген Феликс Валераны жеңип алган. Калыстардын жалпы чечими менен ал жеңүүчү деп табылды.

# Калмурат - кайталангыс обончу

Калмураттын өзгөчө ыргагы, муңдуу кайрыктары менен ырлары аздыр-көптүр колубузда турат. Ал эми анын калган ырлары дагы далай жаш аткаруучу таланттардын жолун ачып, дагы далай-далай кылымдарды карытат



Азыр сөздүн даамы менен ыргагын сезе билбеген, кайталангыс кайрык издеп, чыгармачылыктын түмөн түйшүгүн тарта албаган обончу менен ырчы-чоорчулар көбөйдү. Өкүндүргөнү – андай ырчылар куурай башын сындырбай туруп төш кагып, башкасын кой, олуттуу мамлекеттик сыйлыктарга да оңой-олтоң жетип алып жатышканы. Андан да күйдүргөнү – аларды жата калып уккан сүрмө топ ышкыбоздордун катарынын арбыганы. Бирок мезгил кара кылды как жарган калыс болот тура. Ал нукура элдик чыгармаларды өз элегинен өткөрүп, иргеп-таразалап отуруп, тарыхтын кара куржунуна салат экен. Калыс мезгилдин сынына сынбаган ошондой тунук чыгармаларды жаратқандардын бири – жаркын талант Калмурат Рыскулов эле. Анын “Көктөм эле”, “Болоюн сенин Боогачың”, “Күнөөлүү белем”, “Кыялды кантип тыямын”, “Сенин кайдан чыгарыңды билбеймин” сыяктуу ырларга чыгарган кереметтүү обондору өлбөс-өчпөс чыгармаларга айланып, кыргыз өнөрүнүн алтын казынасына кирди.

Көзү тирүүсүндө кадырын билгендер жалаң санаалаштары менен бирин-серин гана өнөрдү баалагандар болуп, өзүн да, ырын да эч кимге кереги жок сезип, акыры кендирди кескен куу турмуштун айынан муңканып жүрүп, мезгилинен эрте, болгону гүлгүндөй болгон 30 жаш курагында, о дүйнө аттанып кете берген кайталангыс өнөр ээсинин ырлары бүгүн көөнөргүс кыргыз обонуна айланды.

Жакында мына ушул муңканып ырдап, күңгүрөнүп комузун күүгө салган Калмураттын жаркын элесине арналган чакан китеп жарык көрдү. Китепти акын Нурлан Калыбеков түзүп, аны “Мен тирүүмдө кечикпе” деп атаган. Анда обончу тууралуу эскерүүлөр, маектер, эсселер жана Калмураттын обондору нотага салынып, ырлардын тексттери камтылган. Китеп акын Нурлан Калыбековдун, демөөрчү болгон аттын кашкасындай таанымал ишкер Аскар Салымбековдун, эссеист Данияр Исановдун, белгилүү ырчы Токтобек Асаналиевдин изги аракеттери менен жарыкка чыккан. Билбегенге бул чакан китеп ушул сапырылган маалымат заманынын көрүнүп-көрүнбөгөн бир учкунудур. Билгенге ал – кыргыздын кылым карыткан музыкасынын учугун улантуучу, мезгилинен эрте кеткенине карабай, бир муундун көрүнүктүү өкүлүнө айланган нукура талант Калмураттын гана эмес, кыргыз ыры тууралуу, өнөрдүн баасы тууралуу ой-толгоого түрткөн олуттуу китеп.

“Көздүү шакек жерде калбайт” дегендей, отуз гана жыл жашаганына карабай, кырктан ашуун обон жаратып, кыргыз ырына жаңы өңүт ыйгарып кеткен Калмуратты эскергендер кыргыз эл акындары Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Шайлообек Дүйшеев, кыргыз эл жазуучусу Эрнис Турсунов, кыргыз эл артисттери Түгөлбай Казаков, Саламат Садыкова, Шамшыбек Өтөбаев, кыргыз эл сүрөтчүсү Жоомарт Кыдыралиевдерден баштап, жаш муундун өкүлдөрү болгон белгилүү ырчы Элмирбек Иманалиев, жазуучу Олжобай Шакир, манасчы Рысбай Исаков, журналисттер Эрнис Кыязов, Жеңишбек Эдигеев, Жазгүл Жамангуловалар экен. Китепке Калмураттын бейнесине арналган жаштардын аңгеме, эссе, ырлары да кирген.

Ушул чакан китепте бири да жөн салды, “Бирдеме деп коёюн эми” дегенчелик мамиле кылбаганы кайталангыс талантка көрсөтүлгөн таазим эмей эмине. Эскерүүлөрдө да, эсселерде да, ырларда да, айтор, Калмурат тууралуу ар бири каңырыгы түтөп сөз кылат. Баары бир ооздон кайталангыс таланты сактап кала албай калганыбызды, Калмурат кыргыз маданияты үчүн чоң жоготуу болгонун моюнга алышат. Сырткы мукабасында Калмураттын сүрөтү телмире тиктейт. “Мен тирүүмдө кечиктиң...” дегенсийт көздөрү. Каңырык түтөп төгүлгөн бул эскерүүлөрдүн айрым үзүндүлөрүн окурмандарга сунуштагыбыз келди. Анда эмесе, сөздү “Мен тирүүмдө кечикпе” китебиндеги эскерүү, баяндарга берели.



**Кыргыз эл артисти Түгөлбай Казаков:** “Калмуратта накта кыргыз обонунун башаты бар эле. Ал жаш болгону менен массалык “маданияттын” алдында башкалардай тизе бүккөн жок. Обондорун угуп отурсаң, тажрыйбасы тартыш болгонуна карабай, өз жолун өжөрлөнө издептир... Биз Калмуратты көр тирликтин, азыркы мерез замандын ызасынан коргоп кала албадык. Аны бир көргөн киши да бүгүн кандайдыр бир деңгээлде өзүн күнөөлүү сезет го деп ойлойм”.



**Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев:** “Менин мындан бир канча жылдар илгери немецтин улуу акыны Гетенин ырларынан котормолорумду окуп олтуруп, анын ичинен “Коштошуу” деген ырыма обон жараткан экен. Ал ырын угуп көрүп, өзүнүн өзгөчөлөнгөн стили, өзүнчө жолу бар келечеги кең жигиттерден экен деп кубанып калдым эле. Бирок, аттиң, ар бир адамдын маңдайына өмүр деген нерсенин узун же кыска жазылышы, тагдыр дегендин жараткан жазмышы болот тура. Артынан бир канчалаган керемет авандарын калтырып кетти”.




**Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуев:** “Алгач 70 жылдык юбилей кечемде, андан кийин “Көктөм эле”, “Акын кыз” ырларыма обон жаратып, юбилей кечемде да ырдап берген. Өзгөчө “Көктөм эле” аттуу жараткан обону өтө мыкты, тез эле элдин оозуна алынды. Мен да өзүмдүн обондуу ырларымды өзүнчө китеп кылып, китептин атын ушундайча атагам”.



**Кыргыз эл жазуучусу Эрнис Турсунов:** “Кыргыз жергесинде Атай, Муса сыяктуу өнөрпоздордун жараткан чыгармалары улуттук колориттен туруп, аларда терең мазмунуна керемет кайрыктары шайкеш келген обондор алиге чейин өлбөс-өчпөс болуп калганына мезгил өзү күбө. Калмурат Рыскулов да алардын чыйырын улап кете ала турган дарамети күчтүү өнөрпоздордон эле”.



**Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеев:** “Атаганат, анын өлөрүн билгенде, анын бардык ырын жаздырып калбайт белек. Ошондон улам мен бир нерсени, ар бир таланттуу адамга эртең өлүп жок болчудай мамиле жасаш керектигин түшүндүм”.



**Кыргыз эл сүрөтчүсү Жоомарт Кыдыралиев:** “Аттиң, Рыспайдын ырын Рыспайдай аткара албагандай эле, Калмураттын ырларын да Калмураттай кылып эми ким жүрөккө таасын жеткирээр экен?..”



**Кыргыз эл артисти Саламат Садыкова:** Жалындаган күйүпжанар убагында өмүрү жалп дей түштү. Атай менен Мусанын артынан көчтү улап келе жаткан жаңы обончубуздан айрылдык.



**Журналист Жеңишбек Эдигеев:** “Эмеле, жанале жаны түтүн болуп учуп кеткен үйүнүн жанында жаман достору чогулуп турдук. Кеч күздүн ичиркенткен суугунда Калмуратка кошумча берчүбүз деп жаман достор кошумча издеп жүрдүк. Калтыраган колдор менен калтырап акча сунабыз. Ошондо тыз эттирип бир ой келет. Эмне үчүн, эмне үчүн Калмурат баягыда “ооруп атам” дегенде, “карыз болдум” дегенде, “кыйналдым” дегенде топурап чогулбайбыз? Томолонуп акча таап бербейбиз?..”



**Журналист Эрнис Кыязов:** “Билесиңби, Эрнис”... – дейт ал бир күнү мага, “Эмнеге таланттуулар ар дайым жакыр болуп, колунда жок болушат? А кайдагы бир акмактар байлыгына талтаңдашып жыргай беришет, эгер ошол байлыктын кыпындайы эле менин колумда болгондо, менин чыгармачылыгым укмуштай ачылмак, төгүлмөк!..”



**Манасчы Рысбай Исаков:** “Жолон Мамытовдун сөзүнө жазылган “Өмүрдөгү бийиктик”, Жумадин Кадыровдун сөзүнө жазылган “Өкүт ыры”, Алыкул Осмоновдун сөзүнө жазылган “Ата журт” аттуу ырына жазылган обону, Абдыжапар Эгембердиевдин сөзүнө жазылган обондору, Тургунбай Эргешовдун сөзүнө жазылган “Кайран кукук, кайран мен” ыры... Калмураттын чыныгы өңүн ачып берген обондору мына ушулар деп ойлойм. Калмураттын дагы бир шыгы бар эле. Ал комузду таптакыр башкача чертчү. Анын колуна тийген комуз өзү эле ырдап иер эле”.




**Акын Нурлан Калыбеков:** “Эч кимибиз түшүнө албай калдык, нес боло туштук. Шарактаган жаштыкта өлүмдү ойго албаган жаныбыз алапайын таппай калды. Биздин жармач жаштык сени менен кошо кетти. Күлкү кетти, шаң кетти, сүйүү кетти. Сени Ала-Тоо конушундагы батириңден айылыңа акыркы жолу узатып коюп, өзүм үйгө чейин жөө-жалаң ыйлап келгем. Ошондон бери менде ый жок, түгөнгөн. Бир олтуруп ыйлап алсам, жеңилдеп калар белем...”

Калмуратты эскерүүлөр мына ушундай. Аларда XXI кылымда жашап жатып, Калмураттын өзүнүн үнү менен ырдаганын жаздырып калбаганга өкүнгөн учурлар көп. Анын азыр-көптүр ырлары кудай жалгап жаздырылып калган. Учурунда Данияр Исанов Калмуратты “Манас” радиосуна жетелеп келип, анда иштеген радиорежиссер Осмон Тулановго кайрылган экен. Осмон Калмураттын айрым ырларын жаздырып берген. Ошондо да көңүлү кирдеп жүргөн обончу бардык ырларын жаздырууга анча дилгирленбей койгон окшойт. Болгону, бир гана күн келип, ушул азыр ютуб каналында турган ырларды гана жаздырып кетиптир. Ошого да шүгүр кылалы.

ГҮЛЗАДА СТАНАЛИЕВА,
адабиятчы

# Атам жөнүндө эскерүү



Вокзалда ар кай жакка багыт алып бараткан сүрмө топ элди жиреп, оор жүктүн баарын колуна көтөргөн атам:

– Болгула, ылдамдагыла балдарым, автобуска эртерээк жетишип калалы, – деп бизди шаштырып баратты. Атамдын артынан сегиз жашар мени жетелеп, үч айлык инимди колуна көтөрүп алган апам каршы келаткан адамдарга урунуп, автобуска билет алуу үчүн ашыгып бараттык. Бир маалда гезит саткан кичине күркөнүн жанынан эле ызалана ыйлаган казак кыздын үнү угулуп калды. Боорукер эжелер эки жагынан колтуктап, сооротуп жатышкан экен. Ал эми каршытерши өтүп жаткан жүргүнчүлөр ыйлап жаткан бул кызды көрө калышып, жүктөрүн жерге коё коюшуп саамга моюндарын созо таңыркап карап коюшуп кайра эле жолдоруна түшүп жатышты. Муну көргөн атам чыдап тура албай, колундагы жүгүн жерге коё салып кызды карай чечкиндүү кадам таштады.

– Карындашым, сени ыза кылган ким? Мынчалык ыйлаганыңа эмне себеп болду,– деди.

– Агатай, кара басып алдыларда жаздырар болуп сумкаман акшамды урдатып жиберипмин. Энди эш ким танымаган бөтен калаада менин көрген күним кандай болот, деп солкулдап ыйлап, Бишкекте окуу арзан, бирок, сапаттуу дегенинен догдурдун окусун окуйм деп ата-энеси ичпей-жебей түйүп берген акчасын чөнтөкчүлөргө кантип алдырып жибергенине түшүнө албай көзүнүн жашын утур-утуру жеңи менен сүртүп, мурдун быш-быш тартып коюп:

– Казакстандын Семей деген калаасынан шыгып, эки күн жол жүрүп, Бишкектиң вокзалына жетип эле түсүп, жүктөрүмдү алып, сумкадан акша алайын десем эле капшыгым жок болуп шыкты. Карасам бауры кесилип калган экен. Мен энди кандай арга кылам, агатай, – деп жылуу сүйлөгөн атама эреркеп, ыйлаганы кичине басыла түшкөндөй болду.

– Ээ, карындашым, жаман иш болгон турбайбы, сен эми көп эле ыйлай бербе. Бир аргасын табабыз. Негизгиси, башың аман. Бир айласын табабыз, деп кызды жооткотуп, ыйлаган кишини көргөндө үрөйүм уча түшкөн апам экөөбүздү жанына тургузуп койду. Бир маалда эле башына жакшы ой келдиби? Үстүндө кийип жүргөн күрмөсүн чече калып, жерге жайып:

– Оо, айланайын эл-журт, мобул кыздын акчасын чөнтөкчүлөр алып коюшкан экен. Бир тыйыны жок бөтөн эл, бөтөн журтта кыйын абалда калыптыр, – деп мукам үнү менен заңкылдай кыкырып кирсе болобу?

– Келгиле, кимдин колунан канча келсе жардам берип коёлу. Силердин да ушундай кызыңар бар. Бу да болсо бирөөнүн чырактай болгон баласы. Алыс жерде мусапыр кылбай жөлөп коёлу айланайындар, – деп вокзалды жаңырта кыйкырып жатты. Арыбери өткөн эл атамдын кыйкырганына сонуркап: "Бул эмне деп кыйкырып жатат" дегенсип заматта эле чогулуп калды. Атам болсо, мурдагы айткан сөзүн дагы да болсо кайталап, элди карап кызга жардам берип койгула! – деп жар сала берди. Чогулган эл түшүндүбү, айтор, атамдын күрмөсүн көздөй туш-туштан акча кармаган колдор сунулуп келе жатты. Атам болсо ушул сөз тизмектерин мурун эле атайын жаттап алгансып:

– Айланайындар, ушул кызга жардам берип койгула, бу да болсо бирөөнүн чырактай болгон баласы. Силердин да ушундай кызыңар бар, деп элге кайрылып жатты. Ошентип кыйкырып турганда аскер кийимин кийген бир адам кайрылып:

– Садагаң кетип калайын, мен казак бооруң болом. Ушул жерде иштеп жүргөнүмө көп болду. Эч нерсе эмес карындашым, ушул кыргыз байкеңен Кудай ыраазы болсун! – деп акча салгычынан бир канча жогорку номиналдагы акчаны сууруп күрмөнүн үстүнө койду. Мындай болуп кетерин билбеген байкуш кыз өзүнө бурулган элдин назарынан уялып, бирөөнүн акчасын уурдап алган немедей өтө ыңгайсыз абалда калып, күнөөлүү немедей эч нерсеге түшүнбөй турду. Тутамдаган акчаны атам эби менен ирээтеп байкуш кыздын колуна сала берди.

– Карындашым, мындан кийин ушундай нерседен сак бол. Жаныңа тың бол. Окууңа ийгиликтүү өтүп ал, күчүгүм. Биз болсо эми уруксаат берсең, жолубузга түшөлү. Жакшы кал, – деп жүктөрдү көтөрүп автобусту көздөй чуркап жөнөдүк. Чуркап баратып кайрылып алиги кызды карасам, жакын адамдарынан аргасыз айрылган адамдай болуп кол булгалап турган экен. Атам болсо алдымда күн көтөрүп бара жаткан алпка окшоп, автобусту көздөй ашыгып кадам шилтеп баратты.

# Кошуналар да укмуш ынак элек

## Ата-эненин кадырын тирүүсүндө билип, нарктуу карыларыбыздын кебин тирүүсүндө угуп, алардын ары оор, ары кызыктуу турмушунан сабак алуу үчүн 85 жаштагы Амир атабыздын жашоо турмушуна сапар алдык

Жаштайыман эле окуп, коперативный технукумду бүткөн кишимин. Кесибиме байланыштуу көп жерде иштедим. Андан тышкары, түштүк тарапта режиссер болуп да жүрдүм. Кийин мугалим да болуп иштедим, анан бир нерсе болуп, почточулук жумушка өтүп кеттим. Ошентип почтодо 27 жыл иштедим. Кийин ошол ар тараптуу иштегениме Өкмөт бир машина берген. Анда медал кайдан, же болсо дагы биз билбеген бекенбиз, сурабаптырбыз дагы.

***

Почточу болуп иштеп жүргөндө закон күчтүү эле, биз сызыктан чыкчу эмеспиз. Айдын башында тапшырылган иштерди өз ордуна, дарегине убакыт саатында Кудайым берген атыбыз менен жайлоолорго чейин жеткирип берчүбүз. Ал эми азыр такыр башка!

***

Кийин көзүмө жара чыгып, операция кылдырып, анан пенсияга чыгып кеткенмин. Азыркы күнгө чейин мамлекет айына көзүмө деп акча берип турат. Ошентип көзүм ооруп жарабай калгандан кийин 45 жашымда эле пенсия ала баштагам.

***

Ата-энем Үркүн болгондо Кытайга барып, анан ошол жакта Загра деген жерде мен төрөлгөн экенмин. Кийин ал жактан атаэнем, атамдын инилери болуп Кыргызстанга өтүп келген экенбиз. Ал жактан Кыргызстанга өтүш үчүн Кызыл-Суу дарыясын кечип өтүшчү экен. Ошол суудан атам мени анан дагы беш алты баланы бир көтөрүп өткөн экен. Ал убакта мен эң кичинеси болсом керек.

***

Кудуш деген атамдын иниси Кытайда Ади деген басмачынын колунда иштеген дешет. Анда канча азап-тозокту көргөн имиш. Кийин ичи катуу ооруп, мекенине баса берген дешет.

***

Кытайдан келгенден 6 айдан кийин апам каза болуп, мен жеңелеримдин колунда өстүм. Атамдын бир-тууган иниси Кыдырбай акам бизди тарбиялап чоңойтту. Эми алардын тарбиясы аябай эле күчтүү болгон. Анын эл менен мамилеси өтө жакшы болчу. Ошондуктан аны район боюнча таанышкан экен. "Бирөөгө залал жеткирбе, эл менен мамилең жакшы болсун, жаман ойлобо" деп көп айтар эле ыраматылык жеңем. Ал эми атам 1946-жылы Өзгөндө иштеп жүрүп каза тапкан.

***

Бала-чакта кошуналар да укмуш эле ынтымактуу экенбиз. Түшкү тамак же кечки тамак болсо беш алты үй-бүлө чогулуп алып, кыбыр-шыбыр болуп чогуу чай иччүбүз. Азыркыдай эшик алдыңды тосуп алып, үйдө камалып олтуруу, өзү менен өзү болуу деген жок болчу.

***

Мен теңдүүлөрдүн көбү төшөктөн турбай жаткандарын көп кездештирем. Ал эми мен Кудайга шүгүр, азыр өзүм малыма чөп салып, кышта кар күрөп, ат менен жайлоолорду кыдырып жүргөн кербезим. Өзүм жаштайыман эле тамакка аябай көңүл бөлөм. Ушуга чейин эч ысытылган тамак ичкен эмесмин. Ден-соолугум жакшы болуш үчүн өзүм биринчи кам көрүшүм керек да. Азыркы күнгө чейин тоого чыгып, кемпирим экөөбүз карагат терип жүргөн учурлар көп болот.

***

Иштеш керек, эмгектениш керек, бекер олтурбаш керек, башка эмне айтам, айтар сөзүм ушул.



Даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Нике учурунда мас болсо нике жүрөбү?

**1) Имамдыкка кандай адам өтүшү керек?**

**Жооп:** Мусулман, илимдүү, акыл-эстүү, тарбиялуу, өңү өтө серт эмес, жаман жыт жыттанбаган (колоңсо, буту жыттануу), зынадан төрөлбөгөн (теги белгилүү), жергиликтүү элдин тилин жана дилин, маданиятын, менталитет-өзгөчөлүгүн билген эркек адам болуусу кажет.

**2) Үй-бүлөсү менен шаарда туруктуу жашап, ата- энесине, тактап айтканда, туулуп-өскөн жерине аз күнгө барган адам намазын толук окуйбу же касыр окуйбу?**

**Жооп:** Эгер ошол жерде (төрөлгөн жеринде) өзүнө таандык мүлкү (үй, жер, сарай, бак ж.б.у.с.) бар болуп, байлана турган болсо, анда ал жерге барганда намазды толук окуй берет. Андай болбогон шартта намазды касыр окуу важып болот.

**3) Жашаган жеринен алыс айыл, район же облуста өзү жашап иштеп, кээде 14 күндөн аз убакыт аралыгында үйүнө келип турган адам намазын касыр окуйбу же толук окуйбу?**

**Жооп:** Адам үйүнө келгенде канча мөөнөткө экендигине карабай эле толук окуй берет. Иштеген жерине 14 күндөн аз убакытка келсе, ошол убакта гана касыр окуйт.

**4) Жолдошум менен турмуш курганыма 6 жыл болду, 1 балабыз бар. Кайненем менен жолдошумдун карыздары көп. Ошол карыздарды төлөш деп бир-эки жолу мени Москвага жиберишти. Жолдошум барайын десе депорт болгон. Одноклассникиден кыздар, келиндер, апасы менен тең аялдар менен сүйлөшөт. Акыркы күндөрү мага: "Сени көргүм келбей калды" дегенинен баламды алып апамдыкына келе бергем. Телефон чалып: "Экинчи кайтып келбе үйгө" дейт. Талак түшөбү? Эмне кылсам болот?** (суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)

**Жооп:** Менин түшүнүгүмдө сага күйөөң тараптан талак түшкөн эмес. Ажырашууну каалаган учурда ата-энең менен чогуу барып башыңды бошотуруп алсаң болот. Күйөөңдүн кылган кылыгы шариатка туура келбейт. Аялын иштетип коюп үйүндө калган эркектин барынан жогу. Ушундайында кутулуп алганың жакшы болуптур. Сага Кудайым өзү бериптир.

**5) Кайнатамдын инисинин кызын экинчи аялдыка алсам болобу?**

**Жооп:** Болот. Анткени сенин аялың менен кайнатаңдын инисинин кызы бири бирине махрам эмес. Экөөнүн бирин эркек деп элестетсе, экөөнө бири-бирине үйлөнүүгө шариат тараптан мүмкүнчүлүк берилсе, анда алар намахрам (махрам эмес) деп эсептелет. Эки махрам эмес аялды бир никеде чогултууга мүмкүн.

Аял кишини бир тууган сиңдиси менен, бир тууган таэжеси менен (апасынын бир тууган эжеси же сиңдиси), бир тууган абжеси (атасынын бир тууган эжеси же карындашы) менен бир никеде чогултууга шариатта мүмкүн эмес.

**6) Ата-энемдин арбагы ыраазы болуусу үчүн эмне кылуум керек? Кой союп куран окутсам, ал нерсе болбойт дешти.**

**Жооп:** Болот. Болмок турсун болот. Сен ошол Куран окубагандардын маселесин уксаң керек. Деги эле ата-эненин арбагын ыраазы кылуу үчүн төмөндөгү иштерди аткарууң мүмкүн:

- Ата-эненин курбулары менен катташып, аларга көмөк көрсөтүп туруу; Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн.
- Ата-эненин бүтүрө албай калган жакшы иштерин бүтүрүү;
- Ата-эненин бир туугандары менен мамилени үзбөө;
- Колдон келген кайрымдуулук иштерди (мечит, мектеп, оорукана салуу, суу чыгаруу, жол салуу, жетим-жесирге жардам берүү, жакшы китептерди басып чыгаруу жана таратуу) аткарып аларга соопторун багыштап туруу.

**7) Аялдардын кийимдерин сатып иштейбиз. Жеңи, этеги кыска, жакасы жакжайган кофталар да бар. Биз күнөөкөр болбойбузбу?**

**Жооп:** Жок, күнөөкөр болбойсуң! Анткени, ал кийимдерди үй ичинде күйөөсүнүн көңүлүн көтөрүү үчүн кийген болсо, соопко ээ болот. Жакшылыкка мүмкүнчүлүгү бар болгон нерсени бир беткей жамандыкка оодара берүү туура эмес болот.

**8) Сиздин сабактарыңыз кайсыл күндөрү, кайсыл жерде болорун айтып коёсузбу, устаз?**

**Жооп:** Менин жадыбалдарым төмөнкүдөй:

- Ар дүйшөмбүдө "Манас жаңырыгы" каналынан 20:00 дөн 21:00гө чейин түз эфир.
- Ар шейшембиде "Аян" каналынан 20:00дөн 21:00гө чейин түз эфир.
- Ар шаршембиде шам намазга 1 саат калгандан баштап шам намазына чейин эркектерге фыкых (мухтасар, Фатху баабил инаая) сабагы. Шамдан кийин суроо жооптор. КАСИ мечити (Ахунбаев көчөсү, Ататүрк паркы).
- Ар бейшембиде "ЭлТР" каналынан 21:20 дан 22:20 га чейин "Түзөтүүгө тийиш сөз" түз эфир.
- Ар жумада Жума баяны Абу Бакр (Алмата-Фрунзе кесилиши) мечитинде 12:30 дан 13:30 га чейин.
- Ар айдын үчүнчү жумасы Көк-Жаңгак шаарындагы борбордук мечитте Жума баяны. Ошол эле күнү "7-канал" каналынан түз эфир, "Бетме-бет" 21:00 дөн 22:00гө чейин.
- Ар эки жумада бир жолу "Биринчи Радиодо" "Шариат" түз эфирдеги уктуруусу Сагынбек ажы менен;
- Ар ишембиде 19:00дөн 20:30га чейин "Марал" радиосунда "Аалымдан асыл жооп " түз эфирдеги уктуруу.
- Ар жекшембиде "Ыйман" мечитинде (Ленинград-Жаш Гвардия) 10:30дан 13:00 гө чейин аялзатына баян (парда менен), суроо-жооптор (кагаз аркылуу) болот.
- Ар жекшембиде шам намазга 1 саат калгандан баштап шам намазына чейин эркектерге хадис (Мишкаат, Миркаат) сабагы. Шамдан кийин суроо жооптор. КАСИ мечити (Ахунбаев көчөсү, Ататүрк паркы).
- Ар аптада "Саресеп" гезитинин окурмандарынын суроолоруна жооп жазуу.

**9) Мүрзөгө барып аял киши куран окуп келсе болобу?**

**Жооп:** Жалгыз барганы жакшы эмес. Жанында туугандары болсо, маркум көмүлгөндөн кийин барып Куран окуса боло берет. Маркум көмүлүп жаткан учурда аялдардын мүрзөгө баруусу жакшы эмес.

**10) Уйкудан тургандан кийин жеңил даарат алып намаз окуй берсе болобу?**

**Жооп:** Ооба. Деги эле истинжа, оор же жеңил даарат бузулганда гана керек болот. Башка учурда истинжа кылбай эле даарат ала берсе дурус болот. Ал эле эмес, жел чыккандыгы үчүн истинжа кылган амалды бидьат амал деп баалаган аалымдарыбыз бар.

**11) Үйдүн астына арча эксе болобу? Адамдын жашын талашат дейт, ушул турабы?**

**Жооп:** Болбогон кеп. Арчада эмне күнөө? Жараткандын жараткан керемет бир дарагы. Биздин үйдө арча өсүп турат.

**12) Жубайым менен ажырашканыма 3 жыл болду. Эми жарашам деп жатат. Шаарда жүрдү, шаар көргөн эчкиден түңүл дейт ко. Жарашкым деле жок. Эмне кылсам?**

**Жооп:** Азыр шаар менен айылдын айырмасы жок болуп калды. Ааламдашуу заманында жашап жатпайбызбы? Арзан сойкулардын көптөрү айылдыктардан түзүлөт деп айтышат билгендер. Ошол эле учурда шаардыктардын түз жол менен барып келгендери да бар. Кандай болгон күндө да Кудай Таалам ынсап берген болсун. Шаарга келген адамга эле ким даярдап туруптур сен ойлогонду. Жарашкыңсы келсе жакшы экен, сенин баркыңды билгендир, сен деле 3 жылдан бери чоңойгондурсуң?... Айтор, жарашканга кеңеш берген болор элем...



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**13) Пайгамбарыбыз түшүңдө сени кучак жайып тосуп алып суу берсе, артынан туруп намаз окусаң эмне болот?**

**Жооп:** Кудайдын бергени ошол болот, жараным! Бирок, Пайгамбарым алайхис саламдын кебете-кешпирин сүрөттөгөн китептерден, Пайгамбарым алайхис саламды жакшылап таанып, ошол өзүң тааныганга өзүң көргөндү салыштыр. Окшошсо ошол пайгамбарым болот. Окшошпосо, анда деле жакшы түш көргөн болосуң. Намаз окуган дайыма жакшы түш болот.

**14) Никелешүү учурунда бир аз мас болсо нике жүрөбү?**

**Жооп:** Өзүн-өзү билип, бутуна туруп турган болсо никеси жарай берет. Жарай берген менен, боло берет экен деп арак ичкен жакшы эмес. Бала пайда болор күнү арак ичкен адамдын балдары кандай болор экен? Арак ичүү арам. Адал деген ыймандан чыгат.

**15) Атам катуу ичип кетти, апам менен канча жарашып канча ажырашты. Жараштырып койсок апамды уруп, мени муунтуп жүрдү. Акыры ажырашып тынды. Эми балам бизди ажыраштырды деп жүрөт экен. Ушундай сөздөрдөн тажап кеттим. Жараштырам десем апам анда мен кетем дейт. Кеңешиңизге муктажмын, устаз.**

**Жооп:** Адамдардын сөзүнө маани бербе! Негизгиси Кудайга түз болсоң, баары ордуна келет.

**16) Ажатканада Куран, Хадистер оюма көп келет, айтып да алам. Кантип арылсам болот?**

**Жооп:** Оозуңа кебез тыгып алсаң, тилиң кыймылдабай калат.



**17) 70-жылдары үйлөнүшкөндөрдүн никеси кыйылганбы же жокпу билбейм. Эгер никеси кыйылбай калса эмне болот? 2000-жылдары үйлөнгөм. Анда нике дегенди билчү эмес экенбиз. Кийин шаарга келип билип, арадан бир канча жыл өткөндөн кийин нике кыйдырдык. Эми эмне болот?**

**Жооп:** Өткөн иш өттү. Никеңиз кыйылып жакшы болуптур. Башкалар өздөрүнүн проблемаларын өздөрү сурасын. Сиздики бүтүптүр.

**18) Адамдагы сапаттарды Аллах Тааланын сыпаттарына окшоткондору кандай болот?**

**Жооп:** Бул узак сабак сөз болот. Ошентсе да айта турган бир кеп, Аллах Таалам ырайымдуу, ырайымдууларды жакшы көрөт. Аллах Таалам жакшы, жакшыны гана кабыл кылат.

**19) Жолдошум үйдөгү чыр-чатактардан улам телефондон "Экөөбүз эки башка адамбыз" деп айткан. Талак түшөбү?**

**Жооп:** Жок, бул сөз менен талак түшпөйт. "Сарих" талактардын сөздөрү белгилүү болгондой эле, "киная" талактардын да сөздөрү белгилүү. Ар бир эле сөз менен талак түшө бербейт.

**20) Өгөй ата валийлик кыла алабы? Негизи эле валийлик жөнүндө кенен маалымат берсеңиз, устаз?**

**Жооп:** Өгөй ата валийлик кыла албайт. Кыздын атасы, бир тууган агасы, чоң атасы, атасынын бир тууган ага-иниси валий боло алат. Аялдын уулу, эркек бир тууганынын уулу ж.блар валий боло алат. Валий балагатка жеткен, акыл-эстүү, мусулман эркек адам болот.

**21) Сайид Нурсийнин китептерин окусак болобу? 14 томдук китеби бар экен.**

**Жооп:** Боло берет. Сайид Нурсий чоң аалымдардын бири. Болгону, «андан башканы окуган болбойт, ошол кишини гана окуу керек» деген пикирден алыс болуу керек.

**22) Мамлекет тарабынан бюджетте иштегендерге (мугалим, доктурларга) үй алуу үчүн жеңилдетилген жана узун мөөнөткө кредит берилет деген маалыматтар бар. Үйү жоктор ошол мүмкүнчүлүктөн пайдаланса болобу?**


**Жооп:** Кредиттин бардык түрүнө уруксат берилбейт.

**23) Жолдошум мага үйлөнгөндө 29 жашта эле. Мурун да иштеген эмес экен, азыр да иштебейт. Апасынын пенсиясы менен күн кечирип келет. Ден-соолугу чың, оорукчан эмес. Балалуу болуп, шарт жоктугунан баламды апамдардын үйүндө багып чоңойтуп жатам. Талагымды бер десем, же бербейт. Кеңешиңизди бериңиз, устаз?**

**Жооп:** Карап көр. Аялды багуу эрдин милдети. Анын иштөөсүнө шарт түзүүгө аракеттен. Бир баланы багууга да дарамети келбесе, анда кандай болду? Үй-бүлөң менен кеңеш! Алар сага жаман кеңеш беришпейт. Истихаара намазын окусаң, жолуңду аныктаганга жардамчы болор.. Кудайым жакшылыгын ыроологон болсун!

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Казталаанын казалдары



Кумурзстанда акыркы убактарда өздөрүн чиркей сезген кумурскалар бир эмес эки жолу уяханды кетирүүгө аракет кылышты. Тагыраак айтканда, ошондой маанидe сүйлөшүп көрүштү. Бирок, алардын дароо эле «Хахамбай кетсе мен уяхан болом» деп кеп баштаганы эч кимге жакпай калды. «Кумурзстанда андай кылам, Кумурзстанга мындай кылам, кумурскаларды жыргатам» деген бирөө да болгон жок.

– Хахамбай кетсе мен уяхан болом, сен манекбаш болосуң, тигил данекбаш болот. Анан жыргайбыз, ураа! – деп сортилерче санаалары менен байып-байып алышты.

Бирок, мүдөөлөр ишке ашкан жок. Артында колдогон кумурска болбогон соң кантип ишке ашат эле. Ошону менен экөөндө тең бечаралар шалбырап отуруп калышкан. Мына, чатактын баары Казталаада башталды. Акыркы күндөрү Казталаанын кумурскалары дүркүрөп эле ары-бери чуркап жүрүшөт. Бирде карасаң, оңго чуркап бараткан болот. Бирде карасаң, солго чуркап бараткан болот. Бирде карасаң, тинттери бирөөлөрдү көтөрүп бараткан болот. Бирде карасаң, бирөөлөр тинттерин көтөрүп бараткан болот. Кыскасы, катуу дүрбөлөң башталчудай болуп турат. Баягы бир кездерде Норагасы оңго караса, оң жагы ырсайган, солго караса, сол жагы ырсайган казөпкөлөр (Казталаанын кумурскаларын ушунтип айтышат) жок. Тырышып эле кабагын карыш салып чуркап жүрүшөт.

Бирок, Норага да жыргап отурган жок. Колуна тийгенин эле алып барып зынданга ыргытып атат. Кечээ бир жапжаш ургаачы казөпкөнү тинттер зынданга сүйрөп баратыптыр. Байкуш ургаачы:

– Айланайындар, мен «шал, жогал!» деп кайнатамды айткам. Нораганы айткан эмесмин, – деп чырылдап жүрөт анысы. Көрсө, Норага «чал, кет» дегендин баарын камап атыптыр.

Чынында, бул чалдын да дымагы күч. Өткөндө эригип кетип өзүнөн-өзү хайлалоо өткөрдү эле, желдеттери да кыйын экен, «Норага 90го чыкты. Ошонун урматына белек кылып коёлу» деп Норагасынын Норхатан мыркыясына 90 пайыз таш алып беришти. Ушундан улам эмки хайлалоодо Норага канча таш алары да алдын-ала белгилүү болду.

Баса, жакында эле Казталаанын халтур-малтур манекбашы бир ок менен 2 вирус атканга аракет кылды. Биринчиден, ал өзүнүн бир нерсе окуйт экенин билдирип, болгондо да бир эле китепти эки жолу окуганын айтып мактанды. (Сокур көргөнүн койбойт деген ушул болсо керек) Экинчиден, Казталаанын элине Кумурзстан жөнүндө жомок айтып, «Норага жок жер кандай коркунучтуу» дегенди туюндурду. Негизи ал Казталаада өзүнөн башка эч ким окуганды билбейт деп ойлосо керек. Же «Ак кайык» китебиндеги «Бүгү эне» тууралуу жомокту окуп, аябай коркуп калганбы? Кыскасы, бирдемелерди сүйлөш керек болду да сүйлөдү. Түркуялыктар мындайды «оозун ачты, көзүн жумду» деп коюшат экен.

А Кумурзстанда болсо дэч ким эч кайда шашылбайт. Кубалаганы деле шашпайт, качканы деле шашпайт. Мына өткөндө Гаджет Хортгаз менен Данко Наромбини камайбыз дешти эле, булар шашпай камап бүткүчө Хортгаздын кайра чыкчу убагы болуп калыптыр. Эртең бүрсүгүндөн чыкканы турат дейт. Гоазиз Батуканы деле шашпай эле чыгарып жиберишти. Болгону ал өзү кумурзстандык болбогондуктан, шашылып бир түндө эле качып кетиптир. Анча шашылбай эле бери басып, аянтка чыгып сүрөткө түшүп, кафе-мапеден чай-пай ичип алып деле кетсе болмок. Ушу башка уядан келген кумурскалардын шашкалактай бергени эле жакпайт да...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

# УЗАК ЖОЛ



**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Бала береги борчук ташка келгенде, колундагы кушун бир сагызганды көздөй шилтеп жиберди да, чылк күмүш менен жабдылган атын шарактатып, төмөн карай кирип кетти. Андан жогору карасам, тээтиги бир алыскы чокуда, жалгыз койчу, салмак менен гана созуп, озондоп, кырдан ашып баратат. Ошентип отуруп көрбөй калыпмын, менин ылдый жагымдагы каптал менен жүзгө жакын козу дүркүрөп агып, төмөн карай кирип бараткан экен. Шашкан бойдон дүнүйөмдүн баарын олтурган жеримде калтырып, ала-сала куюндап, мен да жөнөдүм. Ээлигип алган ойноок козулар ошондон үркүп отуруп кой короого барып бир эле токтоду. Аларга жетпей калып, орто жолдон кайтып келе жатсам, калганы дагы жамырап, жүрүп калган экен. Аларды тосконум жок, «эми болоору болду го»,— дедим да жайына коё бердим.

Эртеси дагы ушундай жайып чыктым. Күн ачык, ылдыйтан козу жайып бир бала келди. Бою менден чоң эмес, кийими жакшы, бутунда өтүк, баркыт шымы бар. Колунда меникиндей көнөчөк. Экөөбүз козуларды кошуп жиберип, жогору жайпатып олтуруп, чоң беттеги калың табылгыны аралатып жибердик. Козулар табылгыга сиңип-сиңип кетишти. Өзүбүз бери жакта калып, бийиктен таш жарыштырып, ойноп баштадык. Мен эки сапар ашырып ыргыттым.

— Ордуңан жылбай ыргыт,— дейт бала.

— Сен да жылбай ыргыт!

Күн ысый берген кезде оюнду таштап, көнөчөгүбүзгө келип, айран ичтик. Аны бая жалбырак менен көлөкөлөп кеткенбиз. Бала көнөчөктөн обочороок чөгөлөп алып, түтүк корулдатып ойноп ичти да:

— Сен дагы ушинтип ич, жакшы болот,— деди.

— Жөн эле ичем,— деп мен түбүнөн көтөрүп алдым. Ошол мүнөттө топ козу бөлүнүп алып, жүрүп калды.

— Тос тигини,— деди бала чөгөлөп, айран ичип жатып.

— Тоспоймун, ал сенин козуң,—дедим мен. Бала мага жакындай түшүп, бетимден аткып алчудай тикирейип келип, каршыма тура калды да:

— Эмне, атаңдын көрү, тентиген кул! — деди. Мен да тилимди тарткан жокмун:

— Атаңдын сени көрү.

— Арам кул, кимдин үйүндө жүрөсүң? Кайтарган козуң кимдики? Элиң кайда?..

Ошентти да мени жакадан алды. Мен да жакалап, жооп бердим. Бир сапар күрөшө кетип, ит жыгылыш болуп, будаланып кайра турдук. Ал бир кезде жакамды коё берип, ары кетип калып, издеп жүрүп, былжыраган бир түрү суук кара куртту чубалжытып, чөпкө кыпчып келди да:

— Мойнуңа салам,— деп жогору көтөрүп мага сунду. Ал келип жеткиче мен даярданып алып:

— Жакын жолобо, болбосо атырылтам,— деп тегеренип туруп алдым...

Бешимден өтө бергенде козуларды жамыратып айдап келдим. Топ кичи кубалап козуларды көгөндөп болгончо кырдан аша коюп койлор да келип калды. Жаш тууган койлор козуларын жоктоп чуркурап, заматта жерди жаңыртып жиберди.

Короону тегеректей конгон төрт-беш үй бар. Башкы дардайган чоң ак үй менин таятамдыкы.

***(уландысы бар)***



1916
БАШТАЛУУ
35 сом
Эконом TAXI
90 06 06
ЭКОНОМ TAXI
шаарга кызмат
(0312) 90 06 06
(0312) 90 60 60
• АЭРОПОРТ жеткирүү 500 сом
• АЭРОПОРТ алып барып келүү 800 сом 1 саат күтүү бекер
• ТАРАТУУ шаар ичинде 100-150 сом
• Өзгөчө чакырууларда Минивэн + 50 сом
• Такси келгенде 10 минут күтүү акысыз
0777 90 06 06
0557 90 06 06
0707 90 06 06
0707 90 60 60
0701 90 60 60
ЭКОНОМ TAXI ЧАКЫРЫҢЫЗ
Биз менен бирге үнөмдөңүз!




КИЛЕМ - ҮЙДҮН СУЛТАНЫ!
КИЛЕМ ЖАНА КИЛЕМ ЖАБДУУЛАРЫН ТАЗАЛОО
1001 KILEM
Дарек:
Бишкек ш., Ж.Гвардия бул.41
(Киев көч. кес.)
Тел.: 0312 65-60-74,
0770 550-119
www.kilem.kg




МЕДРЕСЕНИ БҮТҮРГӨН СТУДЕНТТЕРГЕ "ИМАМ-ХАТИБ" ДЕГЕН ДИПЛОМ БЕРИЛЕТ
• 11 – КЛАССТЫН АТТЕСТАТЫН АЛУУГА БОЛОТ.
• СЫНАКТАН ӨТКӨНДӨН КИЙИН КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР ТАЛАП КЫЛЫНАТ.
• СЫНАК ОБЛУС БОРБОРЛОРУНДА ЖҮРГҮЗҮЛӨТ:
- БАТКЕН ШААРЫ, МУАЗ БИН ЖАБАЛ МЕДРЕСЕСИ 2-ИЮНЬ.
- ОШ ШААРЫ, СУЛАЙМАН-ТОО БОРБОРДУК МЕЧИТИ 4-ИЮНЬ.
- ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫ, АБИДЖАНОВ КӨЧ. № 2 СПУТНИК 2-ИЮНЬ.
- ТАЛАС ШААРЫ, Ч.АЙТМАТОВ КӨЧ. № 232 4-ИЮНЬ.
- НАРЫН ШААРЫ, САГЫНБАЙ ОРОЗБАК УУЛУ КӨЧ. № 26 4-ИЮНЬ.
- КАРАКОЛ ШААРЫ, КАРАСАЕВ КӨЧ. КАРАКОЛ МЕДРЕСЕСИ.5-ИЮНЬ.
- БИШКЕК ШААРЫ, АРЧА-БЕШИК КОНУШУ ЫНТЫМАК МЕЧИТИ 12-ИЮНЬ.
"АБУ БАКР АС-СЫДДЫК" АТЫНДАГЫ МЕДРЕСЕ 2016-2017-ОКУУ ЖЫЛЫНА 9-КЛАССТЫ БҮТҮРГӨН БАЛДАРДЫ КАБЫЛ АЛАТ
Дареги: Бишкек шаары Арча-Бешик конушу
Тел.: 0558033665, 0773033665
medresebishkek@mail.ru
www.medrese.kg




НУР CATERING
1 кг. аш 900 сом
Адал, даамдуу жана арзан тамак жеткирип берүү кызматы!
Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен
99 сомдон
0 558 70 50 66
БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ АКЫСЫЗ




GREEN CITY
eco hotels & resorts
Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50
Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg
+996 312 89 67 67
+996 550 89 67 67
+996 701 79 67 67